Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

ГАЙРАТБЕК ТОКТОБАЕВ,
МАВЛУДА МИҢБАЕВА

# ОКУУ КИТЕБИ

**ЖАЛПЫ ОРТО БИЛИМ БЕРҮҮЧҮ МЕКТЕПТЕРДИН 2-КЛАССЫ ҮЧҮН**



Алтынчы басылышы

*Өзбекстан Республикасынын Элге билим берүү министрлиги бекиткен*

ТАШКЕНТ
«O‘ZBEKISTON»
2018

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

УЎК 372.41
821.512.154.3
КБК 81.2.кир-93
Т52

**Токтобаев Г.** Окуу китеби: Жалпы орто билим берүүчү мектептердин
Т52 2-классы үчүн/ Г. Токтобаев жана б. 6-басылышы. — Т.: «O'ZBEKISTON», 2018. — 192 б.

1. 1,2 Автордош.

ISBN 978-9943-01-286-8

Салам сага, ардактуу окуучум! Биз, сен экөөбүз сөз дүйнөсүнүн укмушу менен кереметы жашынган, таалим-тарбиянын кенчи катылган чакан ааламга өткөн окуу жылында жасаган сапарыбызды улантканы турабыз. Андагы аңгеме-жомоктор, ырлар ой дүйнөңдүн чөлкөмүн кеңитсе, табышмак, макал, жаңылмачтар акылыңды курчутат. Өзүң үчүн чакан дептерче ачып, булардын ичинен өзүңө жакканын жазып жүр.

**УЎК 322.41**
**821.512.154.3**
**КБК 81.2.Кир-93**

## Рецензенттер:

**М. Темирова** — Андижан Мамлекеттик университети Филология кафедрасынын улук окутуучусу;

**Г. Жанжигитова** — Ташкент облусу Бөкө районундагы 34-мектептин башталгыч класс мугалими.

## ШАРТТУУ БЕЛГИЛЕР



— суроолор жана тапшырмалар


— макалдарды жазып, жаңылмачтарды жаттап ал


— табышмактын жандырмагын тап



— тапшырма


— сабактын аягы

**Республикалык максаттуу китеп фондунун каражаттары эсебинен басылды.**

ISBN 978-9943-01-286-8

© Токтобаев жана башк., 2008–2016,2018
© «O'ZBEKISTON» БПЧУ, 2008–2016,2018

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# I ЧЕЙРЕК

# МЕКЕНИМ — КУТМАН ТУРАГЫМ



## МЕНИН ӨЛКӨМ

Менин өлкөм, тынчтык сүйгөн жаңы өлкө,
Каалаганың, самаганың бар өлкө.
Чар тарабы, чарбасы кең бай өлкө,
Төп келишкен, төрт түлүгү шай өлкө.



Мекенсиз адам — үнсүз булбул.

Туулган жердин топурагы алтын.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# ТАШКЕНТ — КУТТУУ БОРБОР

Ташкент — Өзбекстандын борбору. 2009-жылы борбор шаарыбыздын 2200 жылдыгы салтанаттуу түрдө белгиленди. Ал абдан кооз шаар. Анда көп кабаттуу көркөм үйлөр, «Истиклол», «Туркистон» концерт сарайлары, музейлер, ири китепканалар, стадиондор жана кооз-кооз эс алуучу жайлар бар.

Ташкент шаарында балдар үчүн куурчак театры да бар. Ал жерде кызыктуу оюндар көрсөтүлөт.

Жүздөгөн мектептер, жогорку окуу жайлары бар. Анда жаштар билим алышат. Эгемендүүлүк аянтчасы шаардын көркүнө көрк кошуп турат. Шаардын борборундагы дүйнөгө белгилүү телемунара республикабыздагы узак шаар, кыштактардын элине телекөрсөтүүлөрдү көрүүгө мүмкүнчүлүк берет.

Ташкенттин көчөлөрүндө түрдүү машиналар жүрүп турат. Шаардын аэропортунан дүйнөнүн көптөгөн мамлекеттерине самолёттор учат. Эки темир жол вокзалы бар. Алардан мамлекетибиздин түрдүү жактарына жана башка өлкөлөргө тынымсыз поезддер каттайт.

Ташкентке көптөгөн өлкөлөрдөн коноктор келип турат. Ташкент — тынчтыктын жана достуктун шаары.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




1. Ташкент кандай шаар?
2. Эмне үчүн Ташкентти тынчтыктын жана достуктун шаары дешет?



# МЕКЕНИМДИН КООЗ ШААРЛАРЫ

Өзбекстан — кооз шаарларга бай өлкө. Алсак, Самарканд, Хива, Такыяташ, Бухара, Термез сыяктуу шаарларыбыз өзүнүн тарыхый эстеликтери, маданий мурастары менен бүткүл дүйнөгө таанылган. Асака, Кокон, Кувасай шаарлары кайталангыс табияты жана меймандос эли менен даңазаланган.





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## ТУУЛГАН ЖЕРГЕ

Туулган жерим — асыл турагым,
Сезимимде өчпөс чырагым.
Симфония болсоң эгер сен,
Нота болуп сага турайын.

Кереметтүү күүлөр куюлуп,
Кулагымда турат угулуп.
Туулган жерим, сенде турбайбы,
Айтып бүткүс кооз сулуулук.

*Ж. Мамбеталиев*



1. Ырды жаттап ал!
2. Туулган жер тууралуу кандай ырларды билесиң?



Мекеним — менин ырысым.

Элиңди, мекениңди эч нерсеге алмашпа.

## ЧАЛ МЕНЕН БЕКХАН

Бекхан алты вазири менен жол жүрүп баратып, бир чалга жолукту.

— Ассалоом алейкум, чалым!
— Алейкум үч салам, ханым!
— Үчтү тогузга сатпайсыңбы?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

— Ханым, сатар элем — ал жок, саттырар элем — мал жок.

— Эртең алдыңа алты арстан жиберем, арзан сатпай, кымбат сат.

Жолдо вазирлер хан менен чалдын сөзүнүн маанисин сурашты. Хан:

— Силер вазирсиңер, бул сөздүн маанисин эртеңкиге чейин өзүңөр тапкыла. Эгер таппасаңар башыңарды алам, — деп каардanып койду. Эртеси алты вазир чалга келди.

— Кечээ хан менен сүйлөшкөн сөзүңдүн маанисин айтып бер, каалаганыңды беребиз. Айтпасаң биз өлмөк болдук.

Чал ары ойлонду, бери ойлонду.

— Эми болбостур, айтып берейин, бирок убададан тайбагыла. Хандын «Ассалоом алейкум» дегени — «Кудайымдын берер убактысы бир болсун» деген сөз. Менин «Алейкум үч салам» деген сөзүм — «Мага бир болгонду ойлосоң, сага үч болсун» дегеним. «Үчтү тогузга сатпайсыңбы» дегени — «Үч ай иштеп, тогуз ай жатпайсыңбы» дегени. «Сатар элем — ал жок, саттырар элем, — мал жок» дегеним — «Өз күчүм жетиштүү болсо, сенин айтканыңды ойлонуп көрөөр элем», деген сөзүм.

— Баса, алты арстан жиберем дегени кандай?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Чал булардын аңкоолугуна таң кала, бырс этип күлүп койду.

—Ал силер эмессиңерби, же силер арстандан кемсиңерби?.. «Арзан сатпай, кымбат сат»—деди эле,—көп албай, аз алдым,—деди чал.

1. Салам берүүнүн мааниси кандай экен?
2. «Үчтү тогузга сатпайсыңбы?» дегенди чал кандай чечмелеп берди?
3. Хан вазирлерин эмне үчүн арстанга окшотту?
4. «Арзан сатпай, кымбат сат», деп хан чалга эмне үчүн жакшылык кылды?

## АТА ЖУРТ

Кымбаттуу досум, сен жашаган жер кандай аталат? Анын кандай өзгөчөлүктөрү сага жагат, сен үчүн анын эмнеси кооз жана баалуу? Бул суроолорду ойлоп көрдүң бекен?

Бул сөздөрдү козгоп жатканым бекеринен эмес. Эми Мекен жөнүндө ой жүгүртүү, анын келечегин ойлоо сенин да милдетиң. Кайсыл жерде жашасаң да, кайсыл жерде жүрсөң да, ата-бабаң жашап, өзүң туулуп өскөн жериң—Ата Журтуң болуп эсептелет.

Илгери-илгери өткөн чоң аталарыбыз ар кимиси өзүнчө жер ээлеп, үй салып, мал ба-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



гып жашаптыр. Кээ бирлери дыйканчылык кылышчу экен. Ошол жерди журт деп аташкан. Ал эми ошол аталар жашаган жер Ата Журт же атамдын журту делген. Ал жерде чоң аталарың, алардын аталары жашап өткөн. Сен ошол жердин суусун ичип, абасынан дем алып, чоңоюп келе жатасың.

Адамга баарынан туулуп өскөн жери кымбат.




1. Ата Журт деген эмне? Эмне үчүн андай аталат?
2. Сен кайсы жерде төрөлгөнсүң? Сенин Ата журтуң каерде? Ата-бабаң кайсы жерде жашаган?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## ТҮН ОРТОСУНДА



Түн ортосу. Өчкөн үйдүн чырагы,
Айлананын уктап жаткан убагы.
Ушул маалда көзүн ачып Токторбек,
Апасынан алма бер деп сурады.

—Көрчү, уулум, үйдүн ичи караңгы,
Ушул кезде ойгоо жүргөн калдыбы?
Укта секет, энекеңди кыйнабай,
Уктап калды алмалардын бардыгы.

*Т. Кожомбердиев*



Басып көрөт ичиңди,
Ачып көрөт тишиңди.
Ооруп калсаң эстейсиң,
Эң керектүү кишиңди. (В...)

Тегерек башы сары жоолук,
Теңтушунан көп бийик.
Эртеден кечке күндү ээрчип,
Таазим кылат баш ийип. (К.. к..)



## ИБН СИНА

Чыгыштын улуу энциклопедист-окумуштуусу Ибн Сина (Авиценна) 980-жылы туулган. Ал өз доорунун атактуу илимпозу болгон.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Философ, дарыгер, акын катары да даңкы чыккан.

Бухарадан окуп, терең билим алган. Байыркы дүйнө элдеринин илим-билиминен баштап, өз дооруна чейинки илимдин жетишкендиктерин терең өздөштүргөн. Ошол үчүн ал он жети жашында эле илимпоздугу жана дарыгерлиги менен кеңири таанылат. Ал 57 жыл өмүр сүргөн.

Илим-билимдин бардык тармагы боюнча көп китептерди жазган. Бирок анын 160 китеби гана сакталып калган. Биз мекенибиздин улуу инсандары менен сыймыктанабыз.

## КАЛП

Калп айтканды билбеймин,
Каткырам, асти күлбөймүн.
Жалганы жок сөзүмдө,
Көлдө болгон кезимде,
Балыктар менен сүйлөштүм,
Баарын ырдаганга үйрөттүм.

*Б. Асаналиев*





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# УСТА БОЛОМ

Мени менен чогуу иштешкен түркмөн улутундагы Нургелди деген агам бар. Кээде жумуштап, а кээде мейманчылап алардын үйүнө көп барам. Күндөрдүн биринде 2-класста окуган уулу Сахи менен түрдүү нерселерден сүйлөшүп олтуруп, сурадым:

— Сахи, айтчы, чоңойсоң ким болмокчусуң?

— Уста болом, — деди ал токтолбой.

— Устанын түрү көп, үй куруучу, машина түзөтүүчү, компьютер түзөтүүчү жана башка. Кайсы бирин айтып жатасың?

— Бут кийим түзөтүүчү уста!

Биздин маегибизди угуп тургандардын бардыгы дуу күлүп жиберишти. Чоң кызматта иштеген адамдын баласынын мындай жообу мени таң калтырды.

Көрсө, Сахи бир нече күн мурда атасы экөө үйдөгү бут кийимдерин түзөтүүгө Чарсу базарына түшүшкөн экен. Бут кийимдерди түзөткөн уста кызмат акына көп акча алат. Кайтаарда Нургелди ага уулуна: «Бут кийимдерди түзөтүүнү билгениңде ушул акчаларды сага бермекмин», — деп тамашалаган тура.

Бул сөздөн жаш Сахинин дилинде үй-бүлөсүнө ушул жол менен болсо да көмөк



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

көрсөтүү тилеги пайда болгон го? Кантсе да, анын оюу туура деп ойлойм, а сенчи?

*Г. Токтобаев*

1. Сен кандай өнөрлөрдү билесиң?
2. Чоңойсоң ким болууну каалар элең?
3. Адам баласына бир эле кесиптин өзү жетиштүүбү?

## ОКУМУШТУУ

Уулу шаардан айылдагы үйүнө келди. Атасы уулуна:

— Ырас келбедиңби, азыр чөп чабуунун убагы. Жүр, тиги тырмоочту алып мага жардам бер, — деди.

Бирок уулу жумуш кылганды каалабай:

— Мен билим алып келдим. Дыйкандардын сөздөрүнүн баарын унутуп калыпмын. Тырмооч деген эмне? — дейт.

Ушинтип коюп, тырмоочту басып алды. Тырмоочтун сабы анын башына бир тийди.

Ошондо ал тырмооч деген эмне экенин эстей коюп, чекесин басканча:

— Кайсы келесоо тырмоочту бул жерге таштап койгон! — дептир.

1. Бала атасына кандай шылтоо айтты?
2. Тексттин аты эмне үчүн «Окумуштуу»?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# КОМУЗ

Үч буроо, жалгыз тээк, үч кыл комуз,
Чертилбейт, күүгө келбейт чебер колсуз.
Опоңой, көргөн көзгө жөпжөнөкөй,
Бирок да өнөрү бар айтып болгус.

Кылымдан кылым санап көксөй-көксөй,
Жыргалдуу биздин ушул күндү көздөй.
Бул комуз көп сууларды кечип келген,
Эли да комузундай жөпжөнөкөй.

*А. Осмонов*




1. Комуз жөнүндө эмнелерди билесиң?
2. Биринчи куплет менен экинчи куплетти салыштыралы!
3. Бул ырга тиешелүү кандай касиеттерди байкадың?

## Бөлүм боюнча суроолор

1. Борбор шаарыбыз Ташкент жөнүндө көргөн-билгендериңди айтып бер?
2. Чал менен Бекхандын маегинен кандай жыйынтык чыгардың?
3. Ата Журт дегенди кандай түшүндүң?
4. Бул бөлүмдөгү атагы алыска кеткен адам ким эле, ал жөнүндө айтып бер?
5. Бул бөлүмдөгү макалдардын кайсынысы чыгармалардын мазмунуна дал келет?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# МЕКТЕБИМ — БИЛИМ БЕШИГИМ



## МЕКТЕП

Бирден арип таанытып
Билим берээр мектебим.
Ай — ааламды үйрөтүп
Таалим берээр мектебим.
Келечекке даңгыр жол,
Турмуш үчүн шам чырак,
Түгөнбөгөн казына
Алып келээр мектебим.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# КИТЕБИМ — КУТ БИЛИМИМ

Китеп — казына. Китеп өткөн байыркы кылымдарда эле пайда болгон жана ал мезгилдерде ар түрдүү көрүнүштөрдө даярдалган. Эң алгач китепти ылайдан даярдашкан. Дарактардын жалбырактарына, тактайга, а түгүл үңкүрлөрдүн боорлору менен кучак жеткис таш казыктарга да жазышкан.

Кийинчерээк жаныбарлардын терилерине, жибек кездемелерге, андан кийин кагазга жазып, китеп даярдашкан.

Китептин формасы да түрдүүчө болгон. Бийиктиги бир жарым метрден ашкан китеп-





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

тер болгон. Ошону менен бирге эле, ширеңкенин кутусундай, андан да кичине китептер болгон.

Китепти басып чыгаруу да өтө татаал иш. Жылдан жылга китеп басып чыгаруунун жолдору өркүндөп барууда. Мурда китептерди жазуучу машинкаларда теришкен. Азыр аларды компьютердин жардамы менен оңой эле жазышат. Андан кийин басмаканаларга жиберишет. Барактарын машиналар тигет.

Ардактуу досум, колуңдагы китептерди этият кылып пайдалан, анын жаралуусунда сенин ата-энең сыяктуу көптөгөн адамдардын эмгеги жатат!




1. Китептин кандай түрлөрүн билип алдың?
2. Китеп кандайча даярдалат экен?
3. Китеп жөнүндө билген ырларыңдан айт.



Китеп — билим булагы,
Билим — өмүр чырагы.


Билим — адамдын канаты.

Китеп — турмуш күзгүсү,
Китеп — баасы жок байлык.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




Жогорудагы кызыктуу жадыбалдагы сандардын ирети боюнча из куусаң, китеп тууралуу учкул сөз окуйсуң.

## БИЛИМ — ТҮГӨНГҮС БАЙЛЫК

Илгери бир байдын эки уулу болот. Күн жетип, карылыгы келгенде уулдарын чакырып: «Балдарым, мындан токсон күндүк жол жүрөр журтта токсон өнөрдүн ээси болгон досум бар. Бириң ага шакирт түш да, экинчиң энчиңе байлыгымдын баарын ал» — деди.

— Билим үйрөнүп, өнөр алайын, токсон күндүк журтка мен барайын, — деди кичүүсү.

— Айткандан кайтмай жок, байлыгың менен калайын, — деди улуусу. Ошентип, күла-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

зыгын камданып, таяк-куржунун байланып иниси окууга жөнөдү. Бала жети жыл тырышып окуп, кунт коюп көп өнөрдү мыктылап өздөштүрдү. Ошол өнөрлөрүнүн артынан ырыс, бакыт тапты, байлык чогултту.

Агасы ата дөөлөтүнө ишенип, өнөрсүз өстү. Колунан иш келбеген жатып ичер болду. Атасы калтырган байлык бат эле түгөнүп, абдан жарды болду. Акыры инисиндей өнөр үйрөнбөгөнүнө өкүнүп калды.




1. Билим түгөнгүс байлык дегени эмне?
2. Экинчи уул өнөр үйрөнүүгө барып туура кылдыбы?
3. Ата мурасы менен өнөр артынан баюунун кандай айырмасы бар деп ойлойсуң?
4. Ырыс, өнөр дегенди кандай түшүндүң?



Акыл — ойдун сандыгы.

Акыл оошот, ырыс жугушат.



## ТИЛЕГИМ

Ардактаган энемдей,
Мектебимди сүйөмүн.
Мектепте билим кени бар,
Үйрөнөмүн билемин.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Шыңгыраса коңгуроо,
Классыма киремин.
Окуу менин таалайым,
Окуу менин тилегим.

Окуу окуп жетилип,
Октой тез кушка минемин.
Күркүрөтүп моторун,
Көк булутту жирейммин.

*А. Үсөнбаев*



Алтын чирибейт, акыл азбайт.

Акылы бар билимди самайт,
Акылы жок кийимди самайт.

Акыл — деңизден терең.
Билим — тоодон бийик.




1. Макалдарды жаттап ал.
2. Жогорудагы ырда эмнелер айтылыптыр?
3. Ырда эмнени максат кылган экен?





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## КИТЕПТИ СҮЙ

Китепти сүй, баркын бил,
Китептин көп акылы.
Ким китепке дос болсо,
Ал ошонун жакыны.




Сүттөй таза тилеги,
Деңиздей көп талабы.
Көлдөй тунук акыйкат,
Анын ар бир барагы.

Таалайдын жолун көрсөтүп,
Чакырып турат келчи деп.
Арамдыктан тазалап,
Жакшылыкка ээрчитет.

*А. Осмонов*



Ырды жаттап ал!

## ЭШИКТЕГИ ЖАЗУУ

Кирбесин деп, жат бирөө,
Апа, үйдү бекиттим.
Ачкычын килемченин
Астына коюп кеттим.

*Д. Матчан*





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# ИЛИМДИН БАРКЫ



Элибиздин улуу инсаны, илим дүйнөсүнүн жаркын жылдызы Мырза Улукбек илимдин баалуулугу, окумуштуулуктун кадыр-баркы жөнүндө мындайча ой билдирет:

«Күндөрдүн биринде мен чоң атам, жаангер Амир Темурдун тизесинде ойноп отурган элем. Капыстан чоң атамдын устаттарынан бири сарайга кирип келип калды. Аны көргөн чоң атам карбаластап, шашып кетти. Тизесинде менин отурганымды да эсинен чыгарып, ордунан шап тура калып, устатын күтүп алганга ашыкты. Мен ошондо чоң атамдын өзү бир элдин падышасы боло туруп, илим ээси болгон устатын ушунчалык урмат кылганына түшүнбөгөн элем. Анын алдында баш ийип, урмат сактап турганын көрүп, мен дагы келечекте падышалык менен бирге илимдин да ээси болууну чечтим».




1. Мырза Улукбек бабабыз жана анын чоң атасы жаангер Амир Темур жөнүндө эмнелерди билесиң?
2. Илимдин баркы кандай экен?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## ДЕПТЕР



Жакшы барктап алганың,
Бирок таза кармагын.
Бат жазам деп кирдетип,
Өкүнүчтө калбагын.

## ӨЧҮРГҮЧ



Болсом да өзүм кичине,
Жараймын далай ишиңе.
Туура эмес чийсе каламың,
Жактаймын сенин таламың.
Мизилдет десең токтолбой,
Өчүрүп коё саламын.



Тоосу бар, бадалы жок,
Чөлү бар, куму жок,
Көлү бар, суусу жок. (*Карта*)



## АК КАЛПАК

Ал боз үй, комуз, улуу «Манас» эпосу сыяктуу эле ыйык ата мурасы. Аны ардактап мамиле кылуу, ар дайым кийип жүрүү — кыргыз уулдарынын ыйык милдети. Ак калпакты барктабоо — бул ата-баба-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



ларыбыздын мурасын, элдик наркыбызды эске албоону түшүндүрөт. Азыркы кезде көпчүлүк жаштар шляпа, кепка кийип, ак калпактарыбызды унутуп коюшту. Бул — биздин кечирилгис күнөөбүз. Ата-бабаларыбыздын баш кийимин унутканыбыз, аны башка элдин баш кийимине алмаштырганыбыз эң эле акылсыздыгыбызды, адепсиздигибизди гана билгизээрин түшүнгүлө.




1. Ак калпакты элибиз кандай барктайт экен?
2. Сен улуттук баш кийимибизди киесиңби?
3. Баш кийимди урматтабоо биздин кандай сапаттарыбызды билгизет экен?



Татынакай сырты бар,
Түркүн-түркүн нерсени,
Таамай айткан чынчыл ал. (К..)

## СВЕТОФОР

Эмне десе атакем,
Эки айттырбай угамын.
Алыс ойноп кетпестен,
Апамды ойлоп турамын.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Машиналар көп өткөн,
Чоң жол болот көчөбүз.
Светофор жапжашыл,
Күйгөн кезде өтөбүз.

Сарысы күйсө камданып,
Кызылы жанса токтойбуз.
Туура эмес өтүп көчөдөн,
Машина жолун тоспойбуз.

*К. Жунушев*






1. Ырды жаттап ал!
2. Светофордун чырактарынын маанисине түшүнөсүңбү?

## КЕЛЕ БЕРЕТ ЧУРКАГЫМ

Тоё тамак ичкенде
Торсоюп да, борсоюп
Топко окшойт «курсагым».
«Курсактан» топ түшсүн деп,
Келе берет чуркагым.

*А. Жакшылыков*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Сүрөттөрдөгүлөрдүн баш тамгаларын тапсаң, жолдо жүрүүнүн эрежелеринен бирин билип аласың:




## Бөлүм боюнча суроо жана тапшырмалар

1. «Китеп — билим булагы» дегенди кандай түшүндүң?
2. «Билим — түгөнгүс байлык» деген жомокту айтып бер.
3. «Тилегим» деген ыр жөнүндөгү түшүнүгүңдү айт.
4. Келечекте ким болгуң келет?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# БЕРЕКЕЛҮҮ АЛТЫН КҮЗ





Бул сүрөткө карап, күзгү көрүнүшкө өз алдынча чакан аңгеме түз.

## КҮЗ

Жашыл, сары туш тарап,
Көргөндүн көзү суктанат.
Тоодой пахта үйүлүп,
Теримчилер кубанат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Көркөм күздө тал-терек,
Шуудурап желге эркелеп.
Заңкайып мектеп алыстан,
Тургансыйт балдар келсе деп.

*Р. Шүкүрбеков*

## БУУДАЙ ЖЫТЫ

Былтыр жайында Теңирберди небереси менен айылдагы туугандарына барды. Айыл четтериндеги эгин тегиз бышып калган кези экен.

— Бали! — деп кубанды Теңирберди кылкылдай өскөн эгинди жетине албай тиктеп. — Башы тегиз бышып калган турбайбы!

— Башы дейсизби? — Шаарда өскөн небереси аңкаят, — башы кайсы, чоң ата? Айтсаңыз...

Небересин элжирей бооруна кысып, айдоо четине келди да, буудайдын башын көрсөттү:

— Мына башы!

— Буудайдын башы ушулбу?

— Ооба, айланайын!

Небереси буудайдын кылкандарын көрө койду да, кубана кетти:

— А чачы тигиби?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



— Ооба, чачы ошол.

Чоң атасы эңкейип, буудайдын башын кумарлана жыттап-жыттап алды. Небереси да жыттады.

— Жыты жакшы бекен?

Небереси башын ийкеди.

— Эмне жыттанат экен?

Небереси жыттап-жыттап, эмне жыттанарын айталбады.

Чоң атасы буудайды сагыныч менен дагы искеди.

— Өмүр! Өмүр жыттанат, уулум! Бул жер — куттуу жер! Адам баласынын өмүрү ушул жерден башталат!...

*О. Айтымбетов*




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




1. Сен буудайдын башын көргөнсүңбү?
2. «Эгин тегиз бышып калган кези экен» дегени эмне?
3. Буудайдын данын кунт коюп карап чык. Андан кандай тамак-аштар даярдала турганын үйүңдөгүлөрдөн сурап бил.

**Ойлон!** Тигинен окусаң жемиштердин, туурасынан окусаң жашылчалардын атын билесиң. Кандай сөздөрдү окуганыңды айт.






Сарыбай агам ичкериде,
Сакалдары тышкарыда. (С..)

Аш ичинде таш,
Таш ичинде аш.
Жайында жайнайт,
Күндүн казанында кайнайт. (Ө..)



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## ШАМАЛ

Бүт кыдырган ааламды,
Айткым келди шамалды.
Аягы жок, башы жок,
Шамал кайдан жаралды?
Анын сырын чечүүгө
Жүгүртөйүн санаамды.
Төгөрөктү каптаган
Көлдөн чыгып жүрбөсүн.
Кашык суугa зар болгон
Чөлдөн чыгып жүрбөсүн?
Жандуу, жансыз энеси,
Жерден чыгып жүрбөсүн.

*Барпы*

## САБАТСЫЗ РУЧКА

— Бектемир, мага ручкаңды берип тур. Сабагымды даярдап алайын.

— Өзүңдүн ручкаң бар эмеспи? Эмне үчүн аны менен жазбайсың?

— Менин ручкам өтө көп ката кетирет да.



Көктөн жамгыр куюлса,
Аны колго аласың.
Баш тамгасын алып кой,
Жыттуу болуп каласың. (Ч..)





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

«К»дан эгер баштасаң,
Балык кармар жермин.
«Ч»дан эгер баштасаң,
Суу жок болсо — өлдүң.
«Т»дан эгер баштасаң,
Мал баласын көрдүң. (К.., Ч.., Т..)



## ЖҮЗҮМ



Шиңгил жүзүм түйүлүп,
Гүл чатырга илинип.
Денесине маңызды
Тамырынан сиңирип.

Күн ысыгын сагынып,
Туш-тарапка жайылып.
Акак менен седептей,
Алгың келет тагынып.

Маңызынын шербети,
Жок сыяктуу теңдеши.
Суктандырган сулууну,
Жемиштердин бермети.

Жүрө бербей жүзүм бак,
Жүзүмү көп биздин жак.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Жайда, күздө ийилип,
Жаадырасын жүзүм шак.

*М. Жангазиев*

1. Акак менен седептей,
   Алгың келет тагынып, — дегени эмне?
2. Күздө кандай жемиштер бышат?

Кары келсе — ашка,
Жаш келсе — ишке.

Шак мөмөлөгөн сайын ийилет.

## АКЫЛДУУ ДЫЙКАН

Бир хан жан-жөкөрлөрү менен бирге кыдырып жүрүп, эгин айдаган дыйканга туш келет. Анын тырышып иштеп жатканын көргөн хан жактырып, жанына чакыртат. Дыйкандан талаанын өзүнүкү эместигин, күнүнө он беш тенгеге жалданып иштеп жатканын билет. Алган акысы абдан аз экенин угуп, хан айран калат. Анткени хан күндө сарайына көп акча жумшайт экен. Анда дыйкан:

— Көп деле муктаждыгы жок кишиге бул акча жетмек түгүл ашат. Алган акымды негизи үчкө бөлөм. Бир бөлүгүн өзүм алам.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Бир бөлүгү менен карызымды төлөйм. Калган бөлүгүн болсо карылык күнүмө топтоп жатам, — дейт. Хан табышмакка окшогон бул сөздөн эч нерсе түшүнө албайт. Анда дыйкан айткан сөздөрүн мындайча чечмелейт:

«Карызымды төлөйм дегеним, мени кичинемден бапестеп чоңойткон ата-энеме акча бергеним. Акчамдын калганын карылык күнүмө чогултканым болсо, балдарымдын билим алуусуна жумшаганым. Мен алдан-күчтөн тайганда, алар да мени багып, жардам беришет. Акчамдын калганын өзүмө керектүү нерселерге жумшайм». Хан дыйкандын акылдуулугуна абдан ыраазы болот. Анын балдарын багуусуна жардам берүүгө убада кылат. Дыйкандын балдары да чоңоюп, атасындай акылдуу болушат.




1. Хан дыйканга эмне үчүн таң калат?
2. Дыйкан айткан сөздөрүн кантип чечмелейт?
3. Текст боюнча түшүнүгүңдү айтып бер.



Жаман киши өз камы үчүн күйүнөт,
Жакшы киши эл камы үчүн жүгүрөт.

Сараң болбо, март бол.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Бекер отурганча,
Бекер иште.



## ДАРБЫЗ



Ак төө карды жарылып,
Келип калды жыргал күз.
Барсам дыйкан абама,
Бере салды бир дарбыз.

Түшүп кетип жарылды,
Көрсөң колдун калпысын!
Көпкө чейин олтуруп
Араң жедим жартысын.

*Н. Жаркынбай*




1. «Ак төө карды жарылып» дегени эмне?
2. Эмне үчүн «жыргал күз»?
3. Ырды жаттап ал.

## ЖООП БЕРДИ

Сабыр мектептен келгенде атасы кызыгып сурады:

— Бүгүн мугалимиң сени доскага чыгардыбы?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

— Ым-м, — деди Сабыр анчалык жактыра бербей.

— Эмнени сурады?

— Терезедеги гүлдү неге сындырдың? — деп сурады.

## МУЗДАТКЫЧТАГЫ КАТ

— Баягында, ай, апаке,
Бир кат келген эжеңен.
— Апей, чунак, андан бери
Бербегениң эминең?

Бала иши чала эмеспи
Айтат дароо, эч билбей:
— Муздаткычка катып койгом,
Турат дале эскирбей...

*Н. Жаркынбай*




1. Кызык бекен? Досторуңдун жоруктары жактыбы?
2. Эгерде ушундай окуяларды билсең, мугалимиң менен кеңешип, аны дептериңе жазып жүр.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# ТАЕНЕНИН КӨЗҮ

## I

Бегайымдын таенеси эмгекчил киши. Эртеден кечке иши бүтпөйт. Бир нерселерди жасай эле берет. Өзү менен өзү сүйлөшүп, кобурай эле берет.

— Таене, ким менен сүйлөшүп жатасыз?

— Көзүм менен, чүрпөм. Кургурдун көзү мунарыктап калат кээде.

— Көзүңүз менен кантип сүйлөшөсүз?

— Ушинтип эле. «Баягы көзүм, кайдасың? Сага эмне болду?» — дейм.

— Анда ал эмне дейт?..

— Эмне десин, «чарчадым, карыдым», — дейт.

— Анда көз айнек алып алыңыз?

— Көз айнек, мага көз болмок беле. Эми мага баягы көз жо-ок, чүрпөм. Кой, кыймылдайын. Отуруп калсам ооруп калам. А көрөкчө кыймылдап турганым оң.

Таене бактын көлөкөсүнө шырдакты жая салып, кызыл-тазыл кооз жууркан жасайт. Бегайым болсо кошунанын Гүлнур, Нуриза деген кыздары менен алардын короосунда ойноп жүрдү.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Бир кезде Гүлнурдун байкеси Ооматбек мектептен келип калды. Аны көрүп Гүлнур аябай кубанды. Анткени, эртеден бери үчөө бак ичине селкинчек кура алышпай отурушкан. Байкесин ээрчитип келмей болуп, Гүлнур үйүнө чуркады. Сүйүнгөн кыздар так секиришип, кубанып жатышты. Селкинчек тебээрин таенесине кабарламакчы болуп, Бегайым үйүнө тыз койду. Келсе, таенеси чалкалап алып, ийнесин күндүн жарыгына салып шыкаалайт. Көзөнөгүн таппай убара. Улам-улам көзүн сүртөт. Сүйлөнөт.




1. Бегайымдын таенеси кандай киши экен?
2. Таене көзүнө эмне дейт экен?
3. Ооматбектин келгенине кыздар эмне үчүн кубанышты?
4. Таене эмне үчүн көзүн сүртөт?

## II

— Таене! — деди Бегайым безилдеп чуркап келип, — Мага бериңизчи?

Таене чочуп кетип, колундагы ийнесин түшүрүп ие жаздады. Бегайым арыдан бери ийнени саптай коюп, кайра колуна карматты.

— Баягы көзүм кайда десем, аным жанымда тура. Карегим менин.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

— Менби? — деди Бегайым кызыгып.

— Карегимсиң. Менин жаш кездеги бажырайган көзүмсүң.

Кыздардын күлкүлөрү чыкты, селкинчек даяр болгон окшойт. Бегайым ордунан ыргып турду. Анан негедир ойлонуп калды.

— Барагой, чырагым, ойнойгой... — Таенеси жалбара сүйлөдү. Бегайым аны аяп кетти.

Мойнунан кучактады.

Тыштан Нуризанын үнү жаңырды:

— Бегайы-ым! Тез кел!

— Мен азыр келем, — деди таенесине. — Тез эле келем...

Бегайым аздан соң үйүнө чуркап келди. Таенесинин учугу түгөнүп бараткан экен. Ийнесин дагы саптап берди. Таене эми баштагыдай көп убара болгон жок. Иши да шыдыр кетти.

*А. Нааматов*




1. Чыгарма сага жактыбы? Эмнеси менен жакты?
2. Таене Бегайымга эмне үчүн «баягы көзүм кайда десем, аным жанымда тура. Карегим менин», — деди?
3. Бегайым эмне үчүн ойлонуп калды?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# КЕЛ, ЭСЕПТЕП ЧЫГАЛЫ



Таңда чыкты короого,
Токсон таук, каз, өрдөк.
Бакча жакка жутунду,
Бардыгынан ач өрдөк.
Бүткүл өрдөк, каздардын
Жарымына тең эле.

Каздар болсо тооктордон
Дал он бешке кем эле.
Андай болсо айткыла,
Өрдөк канча, каз канча?





Тоок эсебин алайын
Туш-туш жакка басканча.
Анда чогуу олтуруп,
Баш катырып көрөлү.
Ушул жерден билинет,
Кимдин кандай өнөрү.

*А. Кыдыров*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# МУРАТТЫН АЛМА ЖЕГИСИ КЕЛЕТ

Күн ысык. Асман чайыттай ачык. Мурат үйдө өзү жалгыз отуруп, аябай зериккендиктен, Гүлнурдун короосундагы бышып турган алмага келди.

Ал короого кирип, ар жак-бер жакты карап, сыртта эч ким жок экенин билип, коргондо сүйөнүп турган шатыны көтөрүп барып алмага койду.

Шатыга чыгып, алманы жаңы эле үзө баштаганда, Гүлнурдун Рекс аттуу күчүгү ойгонуп кетип шатыга тырмышып, үрө баштады.

Күчүктүн үнүн угуп, Гүлнур ачык турган терезеге келип караса, Рекс Муратты тиштейин деп калыптыр.

Гүлнур дароо ашканадан нан алып, терезеден күчүгүн чакырып, алаксыта баштады.

Аңгыча Мурат шатыдан түшүп, алмага бекинди.

Рекс нанды жей баштаганда, Мурат үйүнө качып кетти.

Ошентип, Мурат уруксатсыз алма жебес болду.

*«Байчечекей» журналынан*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Ойлонгула кандай,
Кичинекей шардай.
Жармашат тийсең,
Акысы бардай.

(Уйгак)

Эй, эй десең качып чыгат,
Кендир капты тешип чыгат.

(Чычкан)

## Бөлүм боюнча суроолор

1. Бул бөлүмдө кайсы чыгармалар сага жакты? Эмне үчүн?
2. Күздүн кандай белгилерин билесиң?
3. «Күз — күрөш, жаз — жарыш» дегенди кандай түшүнөсүң? Кайсыл темага карата колдонсо болот?
4. Күз жөнүндө эмнелерди билип алдың?
5. Бул бөлүмдө берилген ырлардан кайсылары сага жакты?
6. Кроссвордду толтура алдыңбы? Анда өзүң да күзгү жашылча, жемиштердин аттарын катыштырып ушундай кроссворд түзүүгө аракеттенип көр.
7. Табияттын күзгү көрүнүшүн чагылдырган чакан аңгеме жарат.
8. Көркөм сүрөт өнөрү сабагынан алган билимдериңдин негизинде күзгү көрүнүш боюнча сүрөт тарт.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# II ЧЕЙРЕК

## ЖОМОКТОР ДҮЙНӨСҮНӨ САЯКАТ

Жомок сандык ачылат,
Акылдуу сөздөр чачылат.








Ардактуу окуучу! Мына сени менен мекен, мектеп жана күз жөнүндө сүйлөшүп, кезек жомоктор дүйнөсүнө да жетип келди.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Тээ жаштайымдан, тактап айтканда, сен өңдүү мектептин окуучусу болгон учурумдан эле «Илгери-илгери...» деп башталган жомоктор дүйнөсүнүн укмушу менен таанышкан болчумун.

Бул дүйнөнүн укмушу менен керемети, тил менен түшүндүрүп бергис сыйкыры кийинки жашоомдо көп көмөгүн берген. Андыктан, керемет менен укмуш даарыган ушул ааламга сени да чакырам. Мында сен түркүн элдердин түркүн жомокторунан андагы каармандардын эрдиктерин, бактысы менен кайгысын, кубанычы менен түйшүгүн тең тартып, бул дүйнөгө саякат жасайсың.

Анда эмесе, сыр жашынган бул дүйнөгө чогуу сапар тарталы.

## МЫШЫК, ТҮЛКҮ, АЮУ, КАРЫШКЫР

Мышыкты бир күнү ит кубалап, иттен качып бара жатса, алдынан түлкү чыкты. «Ой, сен кимсиң?» деп түлкү мышыктан сурады.

Мышык: «Мен азуулуу айбандардын падышасымын. Сенин үйүң кайда, сага конокко келдим», деди. «Менин үйүм мына», деп



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

түлкү ары жагына бир чыгып, бери жагына бир чыгып, жылмаңдап бир ийинге ээрчитип барды. «Сен азуулуу айбандарга кабар кылгын, жакшылап конок кылышсын», деди мышык.

Түлкү жасоол болуп, азуулуу айбандарга бара жатса, алдынан карышкыр чыкты. Карышкыр: «Сен кайда бара жатасың?», деп сурады. «Биздин үйгө азуулуулардын падышасы мейманга келип калды, тамак камдагын деп жиберди», деди. Карышкыр бир кой жетелеп алды.

Түлкү андан ары чуркап бара жатса, алдынан аюу чыкты. «Түлкү, сен кайда чаап баратасың?», деп сурады аюу. «Биздин үйгө азуулуулардын падышасы мейманга келип калды. Тамак камдагын», деп түлкү аюуга айтты. Аюу бир торпогун жетелеп алды.

Аюу, карышкыр, түлкү үчөө мышыктын үстүнө келип: «Падышага үйрөнүшкөн сен тамак бергин», деп аюу менен карышкыр торпогун, коюн өлтүрүп түлкүгө беришти.

«Падышаны ыраактан көрөмүн», деп аюу карагайдын башына чыгып кетти. «Мен мына бул жерден көрөмүн», деп карышкыр ийиндин оозундагы чөпкө жашынып жатты.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

«Падыша аке, тышка чыгып, тамак жеңиз», деп мышыкка түлкү кабар берди эле, ал ийинден чыгып тамакты кырылдай жей баштады.

Аюу карагайдын башында турса да коркуп отурду. Падышаны көрөйүн дегендей карышкыр чөптү кыймылдатып койду эле, мышык чычкан экен деп жутунуп калды. Карышкыр: «Мени көргөн экен», деп былк этпей калды. Карышкыр чыдай албай кайра чөптү кыймылдатты. Мышык секирип барып басты эле, карышкыр тура качты. Баягы мени кууган ит экен деп, мышык карагайды көздөй чыга качты. Мени көрө койгон экен, деп карагайдагы аюу качууга аракеттенип, учуп өлүптүр.




1. Жомок жактыбы?
2. Мышык түлкүнү кантип алдады?



## ДАРАКТАР КАНЧА ЖЫЛ ЖАШАЙТ?

Бул суроого жооп берүү кыйын. Көбүнчө буга дарак канча жашай алса, ошончо жашайт, деп жооп берилет. Чындыгында, алар кесилип кетип же сырткы чөйрөнүн таасиринде толук жашай албай калышат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Негизи, түрдүү дарактар түрдүүчө жашашат. Дуб бир жарым-эки миң жыл, ак кайың жана карагай 250 жылга чейин жашашы мүмкүн. Түндүк Америкада көптөгөн көөнө дарактар сакталып калган. Ал жерде үч миң жылдан ашык жашап турган чоң секвойя дарактарын көрүүгө болот.

Секвойя эң бийик дарак болуп эсептелет, анын бийиктиги 110 метр 80 сантиметрге барабар. Ал дарак АКШнын Редвуд атындагы улуттук паркында өсөт. Бул кырк кабаттуу имараттын бийиктиги менен барабар. Денесинин төмөнкү бөлүгүнүн эни 11,1 метрге тең.

Дарактын жашы бир орунда көгөргөнү же адам көчүрүп эккенине да байланыштуу. Табигый түрдө өсүүчү дарактар адам тарабынан көчөтү көчүрүп эгилген дарактардан көп жашашат. Дарактар жаратылыштын маанилүү бир бөлүгү болуп саналышат. Андыктан аларга аяр мамиледе болуу, зыян жеткирбөө биздин бурчубуз.

?!

1. Дарактар канча жыл жашайт экен?
2. Алардын бою канчага жетет экен?
3. Дарактардын түрлөрүн санап бер.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Ынтымак жүргөн жерде,
Ырыс бирге жүрөт.

Бири-бирин колдогон,
Эч кимден кор болбойт.

## АЧ КАРЫШКЫР

*(Өзбек эл жомогу)*

Бар экен, жок экен, өткөн бир заманда ач карышкыр болгон экен. Күндөрдүн биринде ал дан жеп жүргөн корозду көрүп калат. Ал корозду тутуп алуунун амалын издей баштайт. Короз канатын жазып «ку-ку-лук»тап турганда, карышкыр шып этип келип, короздун канатынан кармап алат. Короз караса, карышкыр аны кыймылдата койбой кармап туруптур. Анда короз сурайт:

— Эй, карышкыр, мени эмне кыласың?

— Мен сени жеймин, — деди карышкыр.

— Мени ушундайымча жесең таттуу болбойм. Жыргап жейм десең, аш-көк, пияз менен жегин, менден таттуу тамак болбойт, — дейт короз. Карышкыр:

— Аш-көк менен пиязды кайдан алам?

Анда короз:



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

— Аш-көк менен пиязды жакын арадагы айылдан табасың, сен барып келе бер, мен ушул жерде күтүп турамын, — дейт.

Карышкыр аш-көк, пияз издеп кетээри менен, короз шуулдап качып жөнөйт.

Карышкыр аш-көк, пияздарды кыйналып жүрүп, араңдан-зорго таап келсе, короз жок экен.

Ары чуркап, бери чуркап, корозду таба албай, аргасыз жолго түшөт.

Карышкыр келе жатса, алдынан оттоп жүргөн козу чыгат. Акырын келип козуну кармап алат.

Козу:

— Эй, карышкыр, мени эмне кыласың? — дейт. Карышкыр:

— Мен сени жеймин, — деп жооп берет.

— Менин этимди жегениң менен ал супсак, эч жыргабайсың. Андан көрө барып кендин тузунан алып кел. Аны кошсоң, таттуу тамак болом, курсагыңа жук болом. Этимди жеп арманың калбайт, — дейт козу.





1. Жомок сага жактыбы?
2. Эми эмне болот деп ойлойсуң?
3. Карышкырдын ишенчээктиги күлкүлүү бекен?





Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE
*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## II

Карышкыр козуну ушул жерде калтырып, кенден туз алып келгени жөнөйт. Учурдан пайдаланган козу дароо качып кетет. Карышкыр чарчап-чаалыгып кенден туз алып келсе, козу качып кеткен имиш.

Козуну көпкө издеп таба албай, түйшүк тартат. Акыры түңүлүп, дагы сапарын улантат. Жолдо чуркап бара жатса, алдынан жылкы чыгат. Ал карышкырга жакын келип, аны жыттаганда, карышкыр тумшугуна чап жармашат. Жылкы канча аракет кылса да, тумшугун ач карышкырдан ажыратып ала албайт. Аргасыздан бир амал ойлоп, карышкырга минтет:

— Эй, карышкыр, мени эмне кыласың?

— Мен сени жеймин, — дейт ал.


— Андай болсо, — дейт жылкы, — баштап менин артыма өт да, атам өлбөсүнөн мурда туягыма жазып калтырган керээзди оку. Ким мени жесе, ошол керээз ага тиешелүү болот. Окуп бүткөн соң, мени жей бер.

Карышкыр анын тумшугун коё берип, артына өтөт, жылкынын туягындагы керээзди окуйм деп чалгып турганда ал туягын көтөрүп, карышкырдын тумшугуна тебет.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



— Эй сабатсыз, катты окуй албасаң неге артыма өттүң? — дейт жылкы.

Чынында да карышкыр сабатсыз экен. Катуу тепкиден оозунда тиши калбай, мурду жалпайып, эс-учун жоготот. Кыйладан соң өзүнө келип:

Аш-көк кошпой короз жеп,
Туз салбастан козу жеп,
Кат окубай эт жесең,
Болбойт элең мынча кор,
Ой, бешенем мынча шор?!



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

— деп, жөөлүй-жөөлүй өлүп калат. Короз, козу, жылкы душманынан кутулат.



1. Козу карышкырды кантип алдады?
2. Жылкынын туягында чындап эле жазуу бар беле?
3. Ач карышкырдын күлкүлүү тагдыры кантип аяктады?



Ач көз өзү тойсо да, көзү тойбойт.

Бирөөгө ор казган, өзү жыгылат.

## ТҮЛКҮ МЕНЕН КАРГА

*(Орус эл жомогу)*

Даракта конуп отурган каргага түлкү жакын басып келди.

— Эй, карга аке! Мен шаардан угуп келдим. Каргалар даракта жүрбөй, жерде басышсын, дешти.

— Андай болсо мен жерге түшөм. Эй, түлкү! Тигинде ийиндеринде асынганы, артында ээрчиткендери бар бирөө келе жатат.

— Аркасында ээрчиткендери эмне экен?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Куйруктары чагарак эмеспи?
— Ооба, ооба! Дал өзү.
— Жок, анда мен сени күтө албайм. Үйдө балдарым күтүп калды. Мен кеттим! — деди да түлкү дароо качып жөнөдү.

## ЭМНЕ ҮЧҮН?

— Ооз жалгыз баарыбызда,
Кулак экөө — бул неге?
— Бул мен үчүн жаралган:
Анык ук да, аз сүйлө!
— Ооз жалгыз баарыбызда,
Көз да экөө — бул неге?
— Бул мен үчүн жаралган:
Абдан көр да, так сүйлө!
— Ооз жалгыз баарыбызда,
Кол да экөө — бул неге?
— Өзүң ойлоп тап, билгин:
Көп иште да, аз жегин.

*К. Тыныстанов*




1. Демек, эмне үчүн экен?
2. Касым Тыныстановдун дагы кайсы чыгармаларын окугансың?





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## ӨЗҮҢ ТАП

Кийиминдеги бырыштарды жутуп,
Тегиз кылып коё салат ү...

Өзү мыктай, номериңди терген соң,
Сүйлөштүрөт сени уюлдук т...

Аны иштетет аалым, учкуч, кондитер,
Экранында көп кызык бар к...

Билбеген аны барктабас,
Бизди ташыйт ал — «Д...».

Кино көрүп чарчоом тарап, жибиди,
Ыр угузуп, мультик коёт д...

Дарегиңе бат жеткирет, керилет,
Көркөмдүгү сонун авто «Ш...».

*Г. Токтобаев*




1. Кызык бекен? Жактыбы сага?
2. Өзүң дагы ушундай ыр саптарын түзүп көр.

## КҮЧҮГҮМ

Кууп калсам жүгүрүп,
Күчүгүмдү шашылып.
Качып кетет борс үрүп,
Калат тамга жашынып.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Ойногондо жашынмак,
Жакшы көрөт кууганды.
Мен жашынаар кезекте,
Билбейт көзүн жумганды.

*Т. Кожомбердиев*



Миң жаманга башчы болгуча,
Бир жакшыга кошчу бол.



## ИТ МЕНЕН КАРЫШКЫРДЫН ДОСТОШКОНУ

(*Литва эл жомогу*)

### I

Илгери-илгери бир дыйкан болгон экен. Анын карылыгы жетип, күчтөн калган ити да бар эле. Ит жаш, күчтүү кезинде аны бардыгы жакшы көрүп, эркелетчү экен, ал эми карыган учурунда үйдөн кууп чыгышат.

— Эми эч нерсеге жарабайсың, короодогу чочколорду да кууганга алың жок. Бар, токойго бар, карышкырларга жем болсоң да мейли.

Итти мына ушинтип колго кирген нерсе менен уруп, аябай тепкилешет. Тамак да бер-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

бей коюшат. Акыры ал токойго качып кетет да, ал жерде карышкырга туш болот. Карышкыр:

— Каяка бара жатасың?

— Кожоюнума колумдан келгенче кызмат кылдым, эми карылыгым жеткенде тамак бербей коюшту, карышкырга жем бол, деп токойго кууп салышты.

— Коркпо, мен сени жебейм. Жегенге териң менен сөөгүңдөн башка эч нерсе калбаптыр. Жегенден эмне пайда көрдүм. Жакшысы, мен сага жардам берем. Кожоюн эгин





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

оргону келгенде, ага аялы түшкү тамак алып келет. Тамагы менен колундагы бөбөгүн жерге коюп, тамактанганга жай даярдоого киришкенде мен бөбөктү көтөрө качам. Сен болсо артымдан куу, мени менен алыш, бөбөктү менден тартып ал. Мен токойго качып кетем. Адамдар сени бөбөктү сактап калды деп ойлошот, өмүрүңдүн акырына чейин сени алкап жүрүшөт. Бирок бул үчүн мени да ыраазы кылууну унутпа.




1. Эми эмне болот деп ойлойсуң?
2. Чындап эле ит менен карышкыр дос болушабы?
3. Карышкырдын берген кеңеши сага жактыбы?



## II

Ит үйүнө кайтып кетет, ал эми кожоюндун аялы колуна айрыны көтөрүп алып, аны койгулап кирет:

— Дагы келдиңби түгөнгүр, тамактан үмүт кылбай эле кой!

Кийинки күнү кожоюндун аялы орокчуларга түшкү тамак алып барганда, жерге койгон бөбөгүн карышкыр ала качат. Муну көргөн аял бар үнү менен итке кыйкыра баштайт:



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

— Бөрүнү кууп жет, баламды кайтарып бер.

Ит карышкырдын артынан кууп жетет, мойну-башынан, куйругунан тиштеп, аны менен алыша баштайт. Карышкыр баланы таштап, токойго качат.

Ит анын артынан көпкө чейин кууп барып, анан артына кайтат. Чуркап жетип келген аял баласын бооруна басып, итке ыраазычылыгын билдирет:

— Ыракмат сага, куткаруучум, эми өмүрүңдүн акырына чейин биз эмне жесек, ошону жейсиң.

Чындап эле иттин бактылуу күндөрү башталат.

Бардыгы аны жакшы көрөт, эркелетип жакшы сөздөрдү айтышат.

Күндөрдүн биринде кожоюндар кышкы майрамдардын бирин белгилеп, үйдө дасторкон жазышат. Ит өзүнүн карышкырга берген убадасын эстейт да, токойго барып, аны конокко чакырат.

Алар тамак-аш сактала турган кампага кирип алышып, колго илинген нерсени, этти да, пирогду да, нанды да жей беришет.

Бөрү буга кошумча кумурадагы шараптан да ичип алат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Үйдө аялдар созолонтуп ыр ырдай баштаганда бөрүнүн да ырдагысы келип калат.

— Мен да бир ырдабасам болбойт.

Ит аны бул пикиринен кайтарып, ага жалбарат:

— Кой ырдаба, ырдасаң чыныгы дүрбөлөң башталат.

Мас болуп калган бөрүгө иттин жалбарганы таасир этпейт. Мейманга келгендер созолонткон сайын, бөрү да үн кошуп улуп ырдай баштайт.

Адамдар бөрүнүн улуганын угуп, колдоруна дароо күрөк-айрыларын алып, кампаны көздөй жүгүрүшөт.

Бөрү араңдан зорго башын алып качууга үлгүрөт.

Иттин бөрү менен достугу да ушуну менен аягына чыгат.




1. Токойдон кайтып келген итти кандай күтүп алышты?
2. Ит кожоюнуна кандай жардам берди?
3. Ит карышкырга берген убадасынын үстүнөн кантип чыкты?
4. Карышкыр менен иттин достугу кантип аяктады?





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE


# ӨЗҮҢ БИЛ



1. Атың болсо качанаак,
   Айтканыма ишен:
   Салып койсоң узабайт
   Кош бутуна ...

(Кишен)

2. Колу жөндөм адамга
   Керек нерсе эң эле.
   Чоң ийне деп айтпагын,
   Анын аты ...



(Темене)



3. Эне тилди ардактап,
   Сөздү кылдат урунсак.
   Ээр токуйт жылкыга,
   А өгүзгө ...

(Ыңырчак)

4. Көп иш тиксе колдорун,
   Өйкөйт го деп ойлоп,
   Таап бердим андыктан,
   Чоң энеме ...



(Оймок)




1. Ырды жаттап ал?
2. Сүрөттөгүлөрдү каерде көргөнсүң?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# МЭЭНЕТКЕЧ КУМУРСКА

## I

Кемел кыларга иш таппай эригип келе жатып, чоң дан сүйрөп бара жаткан кумурсканы көрдү. «Тебелеп өлтүрүп таштасамбы?» деп ойлоду. Кайра бул оюнан кайтып, аны менен ойномокчу болду. Кумурсканын жолуна бир ууч топурак төгүп, анын эки жагынан кырдап «тоо» кылып койду. Кумурска Кемел жасаган «тоодон» араң ашты да, сапарын улантты. Кумурсканын балбандыгы Кемелге жаккан жок.

Ал кумурсканын жолуна баягыдан да бийик «тоо» жасады. Кумурска балбан да кыйын экен. Чымырканып бул «тоону» да ашты, данын сүйрөп өтүп, андан ары жөнөдү. Кемелдин эми чындап жини келди, «көл» жасап, «атаандашын» чөктүрмөкчү болду. Нарыдан-бери алакандай жерди казды да, ага идиштен суу толтурду. Анан кумурсканы эки жагынан тороп, «көлгө» карай түз барууга аргасыз кылды.




1. Кемел кандай абалда келе жаткан эле?
2. Кумурсканы көрүп эмнени ойлоду, кандай жорукту баштады?
3. Ал эмне үчүн «көл» жасады?





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## II

Эрктүү кумурска суудан да корккон жок, өчөшүп алгансып, түз эле «көлгө» түштү. Бир аз сүзүп эс алмакчы болдубу, же чарчадыбы, айтоор, даны оозунан түшүп, «көлдүн түбүнө» чөгүп кетти. Ошончо жолдон талбай сүйрөп келе жаткан жеминин «көл түбүнө» түшүп кеткенине кумурсканын ичи тызылдап ачышты. А Кемел болсо, «чоң эрдик» кылгансып табалап карап олтурду.

Бир кезде байкуш кумурска өзүнүн аман калганына каниет кылдыбы, «көл жээгине» жетип, сыртка чыкмакчы болду. Кемел болсо, «атасынын кеги» бардан бетер, чырпык менен кумурсканы сууга карай түртүп, өзү жасаган «көлгө» чындап эле чөктүрүүнү ойлоду.

Кумурска да өжөрлөндү. Чырпыкка бекем жабышып алды. Кемел чырпыкты жерге таштады да, «тоо» болуп үйүлүп турган топуракты алып келип, кумурсканы көмүп салды. Эми гана табасы кангансып, эс алмакка отурду. Анан көргөн көзүнө ишенбей туруп калды. Өзү «миң азапка» салган кумурска кыбырап басып, алгачкы келе жаткан тарапты көздөй бара жатыптыр.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Кайрадан данга бара жатканын Кемел түшүндү да, кумурсканын балбандыгына, кайраттуулугуна, эрктүүлүгүнө, эмгекчилдигине таң калды. Анан өзүнүн эч иш жасабай, бекер отуруп, эмгекчил кумурскага жасаган терс мамилесинен ичинен уялып да, өкүнүп да калды.




1. Кемел кандай бала экен?
2. Кемел эмне үчүн уялып да, өкүнүп да калды?
3. Асмандагы канаттуу, жерде жылып жүргөн курт-кумурскаларды байкап көр. Эмгексиз жүргөнү барбы?
4. Кичинекей жаныбарларга көрсөткөн жардамы үчүн оор мүшкүлдөн кутулган жомок каармандары жөнүндө окугансыңбы?

## Бөлүм боюнча суроо жана тапшырмалар

1. Жомоктор бөлүмү сага жактыбы?
2. «Мышык, түлкү, аюу, карышкыр» жомогунан өзүңө кандай бүтүм чыгардың?
3. «Ач карышкыр» жомогунан өзүңө жаккан жерин айтып бер.
4. Кемелге окшоп жаныбарларды кыйнайсыңбы?
5. Өзүң дагы кандай жомокторду билесиң, айтып бер?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# МЫНА ЖААДЫ АППАК КАР



Бул сүрөткө карап, кышкы көрүнүшкө өз алдыңча чакан аңгеме түз.

## КАР КИШИ

Жоктон чыр баштаган,
Жок мында шок бала.
Жаратып кар тулпар,
Жадырайт топ бала.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Жүздөрү албыра
Жүрөктөн от жана.
Кар киши жасашып,
Каткырат топ бала.

*У. Мамбеталиев*




1. Ырды жаттап ал.
2. Кыш сага эмнеси менен жагат? Айтып бер?

## КЫШ

Күздүн эзиле жааган жамгырларынын ордун бубактай болгон кар ээлеп, айлана-төгөрөктү аппак килемине чүмкөп, кыш келди. Түнү менен жаап, жердин бети аппак болуп калыптыр. Суулар бетине айнек тартынып, муз тоңду. Куйругун булгалаган мышыктай болуп, боз асманга үйдүн морунан түтүн булактайт.

Тоого жогору көтөрүлгөн сайын суук болгондуктан, алардын чокусунан жайы-кышы кар кетпейт. Түбөлүк муз тоңуп, мөңгү каптап турат. Бизде кыш февралдын акырына чейин созулат, а кээде ага да жетпей марттын башында жаздын жарчылары — көк чөптөр чыга баштайт.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Кардын кышта көп жааганы айрыкча силерге жакшы. Анткени мында силер жылгаяк тээп, чана сүйрөп, кардан аяз ата жасайсыңар. Кар менен көп кызыктуу оюндарды ойнойсуңар. Кардын көп жааганы дыйкандарга да жакшы. Кар эригенде суулар көбөйөт. Суу көп болсо эгин да, түшүм да мол болот.

Кыш мезгилинин эң суук, аяздуу күндөрүн элибизде чилде деп аташат. Ал кырк күнгө созулат. «Чил» сөзү тажикчеде кырк санын билдиргени үчүн да чилде дейилет. Адатта чилдени 25-декабрда түшүп, 5-февралда чыкты деп коюшат. Кычыраган суукка карабай, кыш сен өңдүү балдар үчүн ойногонго сонун мезгил.




1. Кышта аба ырайы кандай болот?
2. Чилде, кыроо, аяз деген эмне?
3. Чилде канча күнгө созулат?



Адам кирсе ачылат,
Сыртка чыкса жабылат.

(Э..)

Беш кичине үйү бар,
Жалгыз бир эшиги бар.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Манжаларга кийилет,
Колго кошо ийилет.
(К..)

Жалбырагы жыл мезгилин ылгабас,
Бул эмне экен кыштыр-жайдыр
кургабас.
(А..)

## АК КЕБЕЗ

Айланага көрк берип,
Апапакай жаады кар.
Чымчып кулак, мурунду,
Темир аяз каары бар.





Кошунанын баласы,
Кол чапкылап сүйүндү.
Ак кебезге чулгуду,
Айылымды, бүт жеримди.

Коньки, чана көтөрүп,
Үйдө бала калбады.
Достошолу дегендей,
Көзүн ымдайт кар дагы.

*Б. Асаналиев*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

1. Кышта кандай оюндар ойнолот?
2. Аяздын кулак-мурунду чымчышы эмне дегени?
3. Ырдын мазмунуна ылайык келе турган сүрөт тартууга аракет кыл.

## ЖЫЛ ЖАНА АНЫН ТӨРТ УУЛУ

(*Жомок*)

### I

Илгери өткөн заманда Жыл аттуу ашкан акылман жашаптыр. Ал аябай боорукер, көп өнөрдү билген адам экен. Анын Кыш, Жаз, Жай, Күз деген төрт уулу болуптур. Жылдын экинчи уулу Жаз күндү аябай ысытыптыр, булактар соолуп, кургакчылыктан көптөгөн жан-жаныбарлар өлүп калышат. Муну көргөн Кыш эртеси карды калың жаадырып, катуу суук кылып жиберет. Курт-кумурскалардын падышасы Жылга даттанып келет:

— Жаз деген уулуңуз күндү аябай ысытып, кургакчылык кылып жиберген эле. Эртеси улуу уулуңуз Кыш кар жаадырып, суук кылып жиберди. Көптөгөн чымын-чиркейлер өлүп калды. Балдарыңызды бирдеме деп тыйып коюңузчу.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Жыл төрт уулун чакырып алып, алардын кылган иштери жөнүндө сурай баштайт:

— Кана, балам Кыш, сен айтчы, эмне үчүн кар жаадырдың?

— Анткени Жаз жерди кургатып жиберди. Мен кар жаадырып, кайрадан эритип, жерди сугардым. Антпегенде өсүмдүктөрдүн бардыгы өлүп калат эле да, — дейт.

Жыл балдарынын сөздөрүн угуп, жүйөлүү экенине ынанат да көпкө ойлонот:

— Эмне кылуу керек?



1. Чын эле, эмне кылуу керек?
2. Мунун жомок экендигин кантип билүүгө болот? Аны эмнелер аныктап турат?



## II

Бир күнү жан-жаныбарларды чогултуп алып, Жыл минтип айтат:

— Баарыңар угуп тургула. Бир күн кыш, бир күн жаз болсо болбойт экен. Ошондуктан мен төрт балама күндөрдү бөлүп берейин, ар кимиси өз иштерин ошол бөлүнгөн күндөрдө аткарсын. Улуу балам Кышка 91 күн, экинчи уулум Жазга 91 күн, үчүнчү уулум Жайга 92 күн, эң кенже уулум Күзгө 91 күн бөлүп берейин. Буга кандай дейсиңер?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Ошентип, бардыгы макул болушат. Бирок аюу, суур, кашкулак макул болбой, кол көтөрүп, сөз сурашат.

— Кана, аюу, айтчы, — дейт Жыл.

Аюу өз оюн айта баштайт:

— Улуу уулуңузга күндү азыраак берсеңиз экен. Анткени карды калың жаадырып жиберсе, биз тоо-таштын арасында кантип жашайбыз?

— Ачкадан өлбөйбүзбү! — дешет суур менен кашкулак да аюунун сөзүн улап.

— Мээр чөп деген бар, ошону тиштеп уктагыла. Көктөмгө дейре жыргап жата бересиңер, — дейт Жыл.

Ошентип, Жылдын төрт баласы төрт мезгил аталып калыптыр.

Аюу, суур, кашкулактар болсо кышкысын мээр чөптү тиштеп, эч нерседен капарсыз уктап жата беришет экен.




1. Жылдын ордунда сен болсоң кантип бөлүштүрөт элең?
2. Адамдар деле кыш бою мээр чөптү тиштеп жата берсе эмне болмок?
3. Дептериңе кышында жылуу жактарга учуп кете турган канаттуулардын аттарын жаз. Андан соң кышты биздин жерде кыштай турган канаттуулардын аттарын жаз. Экин-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

чи мамычага кышында чээнге кирбей турган жаныбарлардын аттарын улантып, чээнге кирүүчүлөрүн жаз жана аларды кыскача мүнөздөп бер.



## ЖЫЛ МЕЗГИЛДЕРИ

Күн артынан күн, түн артынан түн өтүп, көп күндөрдөн кийин жай бүтүп, күз келет. Күздөн кийин кыш түшөт. Кыш да көпкө созулбай, бат эле жаз келет. Жыл мезгилдери жаз, жай, күз, кыш болуп бөлүнөт. Алар биринин артынан бири кезектешип келет. Жыл мезгилдери ар дайым өз ирети менен кайталанат. Же андай эмеспи? Кышында жай келиши мүмкүнбү? Ушул жерден «12 ай» мультфильмин эске түшүрүп көрөлү...

Демек, эч качан андай болбойт экен. Жыл мезгилдери өз ирети, өз мезгили менен келет экен.




1. Айлардын аталышын билип ал!
2. Алардын эмне үчүн мындай аталаарын үйүндөгүлөрдөн сурап бил.

Январь — үчтүн айы
Февраль — бирдин айы





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Март — жалган куран
Апрель — чын куран
Май — бугу





Июнь — кулжа
Июль — теке
Август — баш оона



Сентябрь — аяк оона
Октябрь — тогуздун айы
Ноябрь — жетинин айы



Декабрь — бештин айы.

## КҮНДӨРДҮ ҮЙРӨНҮҮ




Биринчи күн — Дүйшөмбү
Бөбөгүмдү ойнотуп,
Беттеринен сүйсөмбү?

Экинчи күн — Шейшемби,
Мыёолотпой мышыкка,
Сүт бышырып берсемби?!

Үчүнчү күн — Шаршемби,
Абамдардын жанына,
Азыр барып келсемби?!



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Төртүнчү күн — Бейшемби,
Эжекемди кубантып,
Тоонун гүлүн терсемби?!

Бешинчи күн — Жума экен,
Атакемдин айтканы,
Эч катасыз туура экен!

Алтынчы күн — Ишемби,
Барбай калсам окууга,
«Бештен» «үчкө» түшөмбү?!

Жетинчи күн — Жекшемби,
Сыртка чыгып оюнга,
Чакырамын Бектенди.

Бир жумада жети күн,
Муну үйрөнүп алгыла.
Билип алдык баарын деп
Үйүңөргө баргыла!

*К. Ташбаев*




Жадыбал сызып, ага жыл мезгилдерин, айлардын жана күндөрдүн аталыштарын ирети менен жазып толтур.





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## ЭРИТЕТ

Балбалактап аппак кар,
Жаап турат себелеп.
Жатты аны эритип,
Кудум эле Күнгө окшоп
Менин бетим тегерек.

*К. Жунушев*

## СЕН АЛБЕТТЕ, БИЛЕСИҢ!

Билесиңби, сен албетте билесиң!
Кантип айтат япондордун күрөшүн?

Билесиңби, сен албетте билесиң!
Айлананы эмне менен чиесиң?

Билесиңби, сен албетте билесиң!
Чөптү кайсы курал менен үйөсүң?

Билесиңби, сен албетте билесиң!
Кушпу, айбанбы токойдогу сүлөөсүн?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Билесиңби, сен албетте билесиң!
Кыргызча айтчы жүргүнчүнүн билетин?

Билесиңби, сен албетте билесиң!
Ат чабышта кандай атты минесиң?

Билесиңби, сен албетте билесиң!
Көчө жактан үйгө кайдан киресиң?

?!

1. Бул сөздөр менен мурда тааныш белең?
2. Ырда берилген жаңы сөздөрдү сөздүк катары жазып ал.

## ТАЯК

### I

Илгери бир акылман карыя жашаган экен. Анын жалгыз уулу болуптур. Бала чоңойгондо акылы тайкы, оюнкараак чыгат. Ата-энесине кол кабыш кылбайт. Буга атасы капа болуп жүрөт.

Кыш түшүп, бир күнү кар жаайт. Атасы уулунан тамдын үстүндөгү карды күрөп коюшун суранат. Баласы жалкоолонуп:



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

— Башым ооруп жатат, — деп жатып алат.

Атасы тамдын үстүнө чыгып, кар күрөп жатып бутун кокустатып алат да, жатып калат.

— Эгер уулум тоодон таяк кесип келип берсе, бат эле оңолот элем, — дейт атасы уулун сынамакка. Уулу:

— Мен азыр эле кыркып келе коём, — деп тоого жөнөйт. Жолдо бара жатса, таякчан бир кары адам келе жаткан экен, аны коркутуп, таягын тартып алат да, сүйүнгөн боюнча атасына келет. Атасы таякты отко салып жиберет. Уулу унчукпайт. Атасы:

— Уулум, эгер таякты өз колуң менен кыркып келгенде, таяк күйбөйт болчу. Эми менин оорум айыкмак турсун күчөдү, — дейт.



1. Атасы эмне себептен ооруп калды?
2. Карыянын оорусу тоодон алып келинген таяк менен калат беле?
3. Баланын таякты оңой жол менен алып келгенин атасы кандайча билди?



## II

Уулу кайра тоого жөнөйт. Жолдо ойлонот: «Кар калың. Аяз минтип чыкылдап турат. Тоого жетмегим азап болот го? Андан көрөкчө базардан эле сатып алайын».



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Ошентип, базардан таяк сатып алат да, атасына алып келет. Атасы бир аз ойлонуп туруп, таякты шарт сындырып салат. Уулу унчукпайт. Бул жолу карыя уулуна эч нерсе айтпастан, тескери бурулат. Уулу атасынын капалуу түрүнөн чочуп, эми чындап эле тоого жөнөйт. Нечен кыйынчылык менен барып, таяк кыркып келет. Атасы бул таякты алыс ыргытат. Ошондо уулу ыйлап жиберет. Жолдогу кардын калыңдыгын, үшүгөнүн, ачка болгонун, тоодон карышкыр көргөнүн айтат. Ошондо атасы чындап мээнет менен алып келген таякты ыргытканына абдан кейийт. Баласынын чын айтканын билип, мындай дейт:

—Уулум, менин оорумдун дарысы сенин чындык сөзүң болчу. Эки жолу калп айтып, таякты оңой жол менен таап келдиң. Үчүнчү жолкусунда гана өзүң барып, тоодон кыркып келдиң. Эми мен тез эле оңоло баштайм.

Ошол окуядан кийин уулу чынчыл, ак ниет, эмгекчил боло баштаптыр.

*Ы. Кадыров*




1. Баласы экинчи жолу таякты кандай жол менен алып келди?
2. Үчүнчү жолу таякты чындап алып келгенин бала кандайча айтып берди?
3. Ата баласын чынчылдыкка кантип тарбиялады?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## ДАЙЫМА КАЙНАП ТУРЧУ КАЗАН

Алжирдин чыгыш жагындагы Хамам Месекутин деген жерде эң чоң таш казанда дайыма эле буркулдап кайнап жаткан сууну көрөсүң. Этти же болбосо башка тамак-ашты жипке байлап, сууга бир нече мүнөт кармап турса, бышып чыгат. Ага туз салуунун да кажети жок. Анткени, кайнап жаткан суунун өзүндө туз бар.

## ЖААГАН КАР

Жаап жатат аппак кар,
Жааганыңда маани бар.
Суудан, күндөн бозоргон,
Сулуу тартат сарайлар.
Себелеген аппак кар,
Сепкениңде маани бар!
Кебез болуп калыптыр,
Чаң жамынган чатырлар.
Көп кар келет асмандан,
Көрө албаймын аягын.
Аппак карды тосом деп,
Алаканым жаямын.

*Ж. Бекниязов*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

1. Ырды жаттап ал!
2. Акын кардын жаашын кандай сүрөттөп жатат?
3. Дайыма кайнап турчу казаның болсо эмне кылмаксың?

## БИР ТАМГАДАН КЕМИТСЕҢ

**Кулак** болот сөздөрдү
Угуп турган.
**Улак** болот жерден чөп
Жулуп турган.

**Лак** сүйкөйбүз көрк үчүн,
Сулуулукка.
**Ак** иштесең жетесиң
Улуулукка.

**Дубал** гезит чыгарып
Жазып койдук.
**Убал** кылба тамакты
Кесир болуп.

**Бал** сөзүңдү аяба
Курдашыңдан.
**Ал** сөздү да коштук биз
Удаасынан.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




1. Мурда мындай ырлар менен таанышкан белең?
2. Үлгүнүн негизинде өзүң да ушундай ырларды улантып көрчү.

Ала-Тоодо аралча бар,
Аралчада ала арча бар.
Ала-арчада аралча бар,
Ала-арчада бала арча бар.

Алаканда балапан,
Балапанга алакан,
Кенен-кесир талаадай,
Көрүнгөнүн карасаң?

## САЛААЛАРДЫН АТТАРЫ

— Кайсы колуң биринчи?
— Ал мынобу бармагым.
— Кир колуңду оозуңа,
Эч убакта салбагын.

— Кайсы колуң экинчи?
— Экинчиси сөөмөйүм.
— Өсө элекпи тырмагың,
Кири жокпу көрөйүн.

— Кайсы колуң үчүнчү?
— Ортодогу ортонум.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

— Тамак ичер алдында,
Жуубайсың деп коркомун.

— Кайсы салааң төртүнчү?
— Билбейм кайсы чаташкан.
— Ат табылбай калганда,
Аты жок деп аташкан.

— Кайсы колуң бешинчи?
— Кичинекей чыпалак.
— Чындык сөздү айтканда,
Жүрбөгүн сен чычалап.

*К. Ташбаев*




1. Салаалардын аттарын билип ал.
2. Салаалардын аттары жөнүндө эмне билесиң?
3. Өзүң да ушуга окшош ыр же чакан аңгеме жазууга аракеттенип көр.



## БЕШ ӨРДӨК

Өзөндөгү шар сууга,
Калпагымды салдым да.
Кыры менен толтуруп
Балык сузуп алдым да, —
Десем, уккан балдардын,
Баары мага күлүшөт.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

«Беш өрдөгү учту!» деп,
Чурулдашып жүрүшөт.
Жан-жагымды карандым,
«Кайда учту деп өрдөгүм?»
Таранчыдан башканы
Байкабадым, көрбөдүм.

*А. Мисиров*



Жакшы уул — асмандагы жылдыз,
Жакшы кыз — жакадагы кундуз.

Жаздын жаздайы жакшы,
Жаштын жаштайы жакшы.



Мен кыйкырсам чокудан,
Ал заңгырайт коктудан.
Өзү түгүл изи жок,
Бул эмне деп чочусам.
(Ж..)

Бирдикдеги санмын мен,
Манжаң жумуп санай бер.
«Ген» деген мүчө уласаң,
Жылдызмын көктө карай бер.
(Ж..)



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Бөлүм боюнча суроо жана тапшырмалар

1. «Мына жаады аппак кар» бөлүмүнөн сага эмнелер жакты?

2. Кыш мезгили жана чилде жөнүндө билгендериңди айт.

3. «Жыл жана анын төрт уулу» жомогундагы Жыл Атанын уулдарынын ордунда болсоң эмне кылмаксың?

4. Мугалимиңдин жардамында «Кыштын кереметти» темасына чакан аңгеме жаз.

5. Аба ырайын төмөнкү белгилерден билүү мүмкүн экендигин ата-энеңдин жардамында текшерип көр:

— Кыштын күнүндө аба ачык болсо, кечинде суук болот.

— Карга менен сагызгандар айланып учса, эртеси аба бузулат.

— Каргалар каркылдап учса, тез арада кар жаайт.

— Эгер кар лапылдатып тез жааса, тез токтойт. Секин жааса көпкө жаап, суук болот.

— Мышык менен иттер башын буттарынын арасына жашырып уктаса, эртеси күн суук болот.

— Канаттуулар үрпөйүп алышса, суук узакка созулат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

— Кышында айланадан чырсылдаган добуш угулса, суук катуулайт.

Демек, кыштын айрым белгилери жөнүндө жогорку маалыматтардан билип алдың. Булар боюнча «Табият таануу» окуу китебиңден да окуган чыгарсың. Биз берип өткөн маалыматтарды ата-энең менен чогуу көрүп, буларды жаса:

— Ушул жылда биринчи кар качан жаады?

— Көпкө эрип кетпей турган кар качан түшүп, жер качан тоңду?

— Өзүңдүн жеке байкоолоруңдан келип чыгып, эртең кар жаашын кайдан билдиң?

— Аба-ырайынын өзгөрүүсүнө байланышкан өз байкоолоруңду жаз.





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# III ЧЕЙРЕК

## ОЙ ГҮЛДӨРҮ, АКЫЛ КАЗЫНАСЫ



Ата сыйлаган — абийир табат,
Эне сыйлаган — элге жагат.

Акылдуунун эси бар,
Адамдын эки көзү бар.
Жаның жыргайт, оо чиркин, —
Жакшынын каухар сөзү бар.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# ДААНЫШМАН КАРЫЯ

Бир каардуу падыша өз журтундагы бардык карыяларды жардан алыс ыргытууга буйрук бериптир:

— Алардан эмне пайда? — дейт ал. — Эгин экпесе, орок орбосо. Жеп эле жата беришет, анысы аз келгенсип, үйдөгүлөргө тоскоол да болушат. Аларсыз жашоо жеңилирээк болот!

Падышанын желдеттери жең шимерип, бардык картаң адамдарды жардан ыргытып жиберишет. Бир гана карыя тирүү калат. Анын уулу жогорку мартабалуу сарай кишилеринен болуп, атасына боору ооруйт. Аны ишеничтүү жайга катып, жашырынча тамак берип турат.

Таш боор падышанын адамга үйрөнгүс азоо чымкый кара аты бар экен. Эч ким анын жанына жолой албайт. Алдынан келсе тиштеп, артынан келгенди тепчү экен. Падыша өз шаарында жашаган өтө куу бир сыйкырчыны сарайга алып келүүнү буюрат. Ал адам кара өзгөй, айлакер болот. Падыша азоо атты кантип суутууну, жоошутууну андан сурайт.

Анда ал: — Улуу урматтуум, кол астыңыздагы сарай кишилерине буюруңуз, кумдан аркан эшип келишсин. Аны менен атты бай-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

лашса, күлүк койдой жоош болуп калат, — дейт.

Падыша ары ойлонуп, бери ойлонуп, кол астындагы сарай адамдарын бир жерге чогултат.

— Буйругумду уккула! — дейт ал. — Эртең кумдан аркан эшип келгиле. Эгерде алып келбесеңер башыңарды алмадай ыргытам!

Сарай кишилери үйлөрүнө кайгыга чөгүп кайтышат. Кантип кумдан аркан эшүүнү эч ким билбейт. Алардын арасында атасын өлүмдөн алып калган жигит да бар болчу. Анын капалуу келгенин көргөн атасы сурайт:

— Эмнеге капалуусуң, уулум?

Жигит өкүмдардын талабын айтып берет.

— Ушул элеби? Эртең падышанын алдына барып, буйругунун аткарылганын сураганда мындай де: «Өкүмдарым, биз кумдан аркан эшүүгө даярбыз. Бирок ал кандай болсун: узунбу-кыскабы, кызылбы-сарыбы?

Ушуну биле албай турабыз. Сизге кандайы керектигин бизге көрсөтүңүз?»

Эртеси күнү падыша бул таамай жоопту угуп, башын ийкегилеп, мындай дейт:

— Туура айтасыңар, мен силерге арканды көрсөтүүм керек, бирок өзүм аны каерден алам?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Мына ошентип падыша сарай кишилерин бул оор сыноодон бошотот. Ошол жылдын жайында катуу кургакчылык болот. Чөптөр кургап, мөмө-жемиштер да суусуздуктан бышпай калат. Кампалар бошоп, ал тургай эккенге да үрөн калбайт. Ачарчылыкка туш болгон эл оор кайгыга чөгөт. Падышанын айласы кетет. Кол астындагы сарай кишилерин дагы чогултуп:

— Кантсеңер да, мага каерден эгин үчүн үрөн табууга болоорун айткыла. Антпесеңер, эч киминерди соо койбойм, — дейт.




1. Эми эмне болот деп ойлойсуң?
2. Даанышман карыя кандай айла тапты?

## II

Сарай кишилери каерден эгин үчүн үрөн табууну ойлоп, мурдагыдан да оор кайгыга батышат. Карыя уулунун башын шылкыйтып келгенин көрүп, эмне болгонун сурайт.

— Бул жолу сиз да жардам бере албайсыз, ата!

— Эмне үчүн?

— Падыша эгин үчүн үрөн таап келүүнү буюрду. Азыр ачарчылык болсо, үрөн эч жерде жок!



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

— Түйшүк тартпа, уулум. Эртең падышанын алдына барганда, дыйкандарга бүткүл мамлекеттеги кумурскалардын уюгун ачып чыгууну буюруусун айт. Кумурскалар адамдардан калган дандарды бирин койбой терип, уясына ташып алат.

Дал ошондой болуп чыгат. Дыйкандар талаадагы кумурсканын уяларынын бардыгын ачып, ар биринен бир баштыктан дан алышат. Падыша таң калып, жигитке суроо берет:

— Айтчы, сага мындай кеңештерди ким берген эле?

— Айта албаймын, өкүмдарым, айтсам өлүмгө буюрасыз.

— Башыңдагы бир тал чачыңа да тийбестикке сөз берем, айт!

Анда жигит падышанын буйругуна каршы барып, атасын өлүмдөн алып калганын, ал кандай кеңештерди берип турганын, бардыгын айтып берет.

Мына ошондон соң падыша кары адамдарды сыйлоо, көчөлөрдө аларга салам берип, жол бошотуу жөнүндө жаңы буйрук чыгарган экен.

*Р. Нарбаева*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

1. Жигит атасын сактап калып туура кылыптырбы?
2. Падыша эмне үчүн буйругун өзгөрттү?

Ак чайнекке көк капкак,
Көк чайнекке ак капкак.

## ЭНЕМДИН АЙТКАНЫ

Энем бир жолу жакын келип:

— Чыныгы адам боломун десең, жакшы менен жаманды айра тааны! — деди. Өзүм эр жеткен сайын ошол бала чагымда акылым жетпеген сөз эсиме түшөт. Балким ар бир бала өзүн кыйын сезээр. Күлүкмүн, күчтүүмүн дээр. Энемдин кебин кийин мен ойлонуп каламын. Чын эле акем күчтүү, атка чыйрак. А мен жайдак атка мингенден да коркомун. Ичим тызылдайт. Кичинемден тайга минсем, чыйрак болбойт белем. Ошо дикилдеп жөө жүргөнүмдөн күлүкмүн го деп өзүмдү сооротом.

*Т. Сыдыкбеков*

1. Кымбаттуу досум, Түгөлбай абабыз эмнеге зээни кейип мындай деп жатат?
2. Анын айтканынан жаштайыбыздан өнөр үйрөнсөк, чоңойгондо кыйналбайбыз, деген жыйынтык чыгып жүрбөсүн. Деги сенин оюң кандай?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Эмгек менен тапкан наның
таттуу болот.

Ойлонбой иш кылсаң ар дайым,
Өзүңө келтирет убайым.

## КӨЛ БЕТИНДЕ

*(Калп)*

Топту ортого алышып,
Кээде токтой калышып,
Көл бетинде көп балдар,
Футбол ойнойт жарышып.
Көп балыктар кудуңдап,
Кыйкырышат чурулдап.
Ал балдардын бутунан,
Чаң ызгыды бурулдап.



1. Ыр жактыбы?
2. Балыктардын чурулдаганын, көл үстүндөгү балдардын бутунан чаң ызгыганын чындык десе болобу? Эмне үчүн?
3. Бул ырлардын калп экенин эмнеден билсе болот?
4. Ыр же кара сөз түрүндө сен да ушундай калптарды токуй аласыңбы?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# АЙЛАКЕР

## I

Биздин айылда илгери жалгыз гана суу тегирмен боло турган. Аны көзү өткүчө Сатыкул абам кармады. Тегирменге адамдар буудай тарттырганы күн-түн дебей кезеги келгенде келе беришчү. Ошол тегирмен менен байланышкан бир окуя эсиме түштү.

Күндөрдүн биринде Алишердин кезеги түн жарымына туш келип, тегирменге кошунасы Шаакы деген аксакалдын атын минип барат. Шаакы ат сыйлаган киши болгондуктан, аттын жасалгасы, камчысына кайдыгер карачу эмес. Баланын түндө тегирменге бараарын билген аксакал жылан боор камчысын, сары кашка атын аяган жок.

Алишер жүгүн тээ таңга жуук тартып бүтөт да, өзүнөн кийинки аял экөөлөп атка арта албасына көзү жеткен соң, жөн эле кетүүгө аргасыз болот. Уйкудан калып, кирпиктери чапталып турган бала атты ары-бери токуй салып, үзөңгүгө бут илет. Ал эми жылас болгон жылан боор камчы тарс эсинен чыгат. Ал тегирмендин ичиндеги мамыга илинүү эле...



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Эрте таңда туруп, камчыны унутканын билген бала тегирменди көздөй жөнөйт. Үч-төрт абышка менен үйүнүн жанында турган Сатыкул аба баланы көрө калып:

— Ээ, айланайын, эгиниңди эки саат мурда тартып бүтмөк элең. Дагы эле кете албай жүрөсүңбү?... — дейт.

Алишер иштин жөн-жайын түшүндүрүп бергиче кезекти алган аял ары жактан чыга калат.

— Кызым, бул бала түндө камчысын калтырып кете бериптир. Алып койгон болсоң, анда өзүнө кайтарып бер. Бирөөнүкүн сурап келген турбайбы. Бала уят болуп калбасын... — деп Сатыкул аба ага кайрылат.

Жанагы аял: — Көрсөм көзүм кашайсын! — деп карганып, караманча танып туруп алат. Ошондо Алишер унчукпай гана акырын жөнөп кете берет.




1. Суу тегирменди көргөнсүңбү?
2. Тегирмендин кандай түрлөрүн билесиң?
3. «Аманатка кыянат кылбоо» дегенде эмнени түшүнөсүң?



## II

Түз эле алиги аялдын үйүнө барат. Кемегенин кашында казаны менен алек болуп



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

жаткан кемпир баланы көрө коюп, карбаластап калат. Алишер карынын ал-жайын сурагандан кийин:

— Эне, түндө камчымды тегирменде унутуп таштап кетиптирмин. Менден кийин калган келиниңиз аны алып, катып коюптур, — дейт. Баланын кебинен кымындай шек албаган кемпир ордунан тура калып, жыйылган жууркан-төшөктүн арасына колун салып кирет. Келин камчыны тээ жүктүн артына тыгып таштаган экен, алка-шалка тердеген кемпир араң табат.

Баягы абышкалар тегирменге жакын дөбөчөдө олтурушуптур. Камчыны таап келе жаткан баланы көрүп, делдейип калышат.

— Бу өзүң башка жерге катып коюп, бирөөдөн көргөн турбайсыңбы, — дешет алар.

Алишер болсо окуяны айтып берет. Карылар баланын амалына таң калышат.

*И. Гилязетдинов*




1. Кемпир баланы көрүп эмне үчүн карбаластап калды?
2. Баланын амалы кандай натыйжа берди?
3. «Жалгандын өмүрү кыска» деген макалды чечмелеп бер.
4. Ушуга окшош жагдайларды баяндаган жомоктордон билесиңби?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Адепсизден алыс кач.

Жалгандын казаны кайнабайт.

Жакшы менен жаманды ажырата бил.

## ДОСТУК УШУНДАЙДА БИЛИНЕТ...

Түлкү, кемчет, каман үчөө алыска саякатка барууну чечишти. Токой аралап, тоо кыдырып, жер көрмөк болушту.

Алар чогулуп алып, жолго чыгышат. Жүрүп отурушуп, чоң өзөнгө кабылышты. Кичинекей гана көпүрө бар экен. Ал көпүрөдөн үчөө бирдей өтө албайт эле. Ошондуктан бир-бирден өтмөк болушту.

— Сен биринчи өт, кемчет, — деди каман. — Сени улуу деп сыйлап жатабыз!

— Туура! Ырас эле, кемчет биринчи өтсүн, — деп түлкү анын сөзүн коштоп кетти. Кемчет көпүрөдөн өткөндө араң турган чыбыктар сынып кетип, сууга күп дей түштү.

— Кокуй ий, кокуй! — деп жиберди түлкү чыйпылыктап, — каман, сен сууга секир, кемчетти куткарып чык! Сууга тумчугуп кокус өлүп калып жүрбөсүн! Тез, бай болгур, тез!



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



— Өзүң секир! — деп коркулдады каман.

— Мен токтоосуз эле секирер элем, бирок өпкөмө суук тийгизип аламбы, деп корком!

— Ыракмат, достор! Өзүм эптеп чыгам! Мен сүзгөндү билет эмесминби, — деди кемчет. Көпүрөнүн алдынан кемчет жээкке чыкты, жөтөлүп, силкинип койду.

— Бали, абдан сонун болду! — деп кубанды түлкү менен каман.

— Жүр кеттик, мындан ары!

— Жо-ок, жок, мен эми силер менен эч жакка барбайм! — деп кемчет кесе жооп кайтарды.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




1. Эмне үчүн кемчет алар менен саякатты улантуудан баш тартты?
2. Сенин оюңча кандай болуш керек эле?





## СӨЗДҮН КӨРКҮ — МАКАЛДА

Берилген макалдарды классыңар менен мааниси боюнча талкуулагыла.

Акыл байлыгы — азбас байлык.

Акылдан жакшы дос барбы, ачуудан жаман кас барбы.

Буудай наның болбосо да,
Буудай сөзүң болсун.

Жаңылбаган жаак, мүдүрүлбөгөн туяк жок.

Илим — турмуш чырагы,
Өнөр — элдин куралы.

Калптын арышы кыска.

Ооз бирөө, кулак экөө, бир сүйлөсөң, он тыңша.

Улууга сый көрсөтсөң, кичүүдөн урмат көрөсүң.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Мээнет болбой дөөлөт жок.

Жер — казына, суу — алтын.

Жигитке жетимиш өнөр аз.

Билимдүү болсоң озоорсуң,
Билимсиз болсоң осолсуң.



## БААРЫ БИР

Эжекеси Сайра
Жуугун десе бетин:
— Эртең эле баары бир,
Кир болот, — дейт Бекин.

— Көйнөгүң кий, Бекинтай!
Десе эжеси Сайра.
— Кечинде эле баары бир,
Чечем да, — дейт кайра.

Айткан тилин укпай,
Бекин мойнун бурады.
Аздан кийин, — мага
Тамак бер, — деп сурады.

— Ачып калат курсагың
Эртең эле кайра,



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Андан көрө ичпегин, —
Деди эжеси Сайра.



1. Чын элеби?
2. Ушундай ырды сен да жарата аласың! Кел, аракет кылып көрөлү!



Токсон кабат тону бар,
Тоголок келген бою бар. (К..)

Түндө бар, күндүзү жок,
Асманда бар, жерде жок. (Ж..)

## АКУЛА ЭМНЕДЕН КОРКОТ?

Океандагы эң жырткыч балык — акула «макулатус» деген кипкичинекей балыктан өлөрчө коркот. Эгер алиги кенедей балыкты акула жутуп ийсе, өлүмгө дуушар болот. Анткени, анын тулку бою бүтүндөй эле ийнеден. Ал акуланын ичин тешип чыгат экен.

## СӨЗ — БЕРМЕТ

Билесиңби, өтө кымбатка бааланууучу, жер астынан табылуучу алмаз да, деңиз түбүнөн издеп табылуучу бермет ташы да жүздөгөн



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

жылдар бою пайда болот экен. Ал эми сөз дүйнөсүнүн гүлү болгон макал-лакаптар, накыл сөздөр да ошол таштар өңдүү көп кылымдык элдик сыноолордон өтүп, көркөмдүк даражасына жетет.

Сен окуган макалдар, накыл сөздөр, жомоктор акылыңды байытып, көз карашыңды кеңейтет. Алардан орундуу пайдалануу жана аларды туура колдоно билүү жеткилеңдикке жетелейт.

Эми бөлүмдүн аягында, окуу китебинин ортосунда айтаарым: жыл башынан туткан чакан дептерчеңди ачып, ага өзүңө жаккан макал, накыл сөз жана жомокторду жазып жүр. Буга кошумча, китептен сырткары уккан, окуган жомок, макал-лакаптарды чогултуп, дептерге түшүрүп жүр. Мына ошондо, жылдын аягында колуңда сөз берметтери тизилген өтө баалуу өздүк менчигиң пайда болот.

## Бөлүм боюнча суроолор

1. Бул бөлүм эмне үчүн «Ой гүлдөрү, акыл казынасы» деп аталды?
2. «Даанышман карыя» жомогу, ырлар жактыбы?
3. Достук жөнүндө билгендериңди айт.





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# ЖАЗ — ЖАҢЫНЫН БАШТАЛЫШЫ





Бул сүрөткө карап, жазгы көрүнүшкө өз алдынча чакан аңгеме түз.



Жазда кылган мээнетти, кышта көрөт дөөлөттү.

Эмгек кылсаң — өнмөк бар.





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# ЖАЗ МЕЗГИЛИ

Ар бир мезгил өзүнчө баалуу. Бирок мезгилдердин ичинде да көпчүлүк сүйгөн, өзгөчө эңсеп, арзып күткөн мезгил да болот. Оюмча, бул жаз мезгили. Кантсе да чикит атып, батперек учуруу, тал чыбыктан чач жасап, түркүн гүлдөрдөн гүл себеттерин токуу, айрыкча ноорузддун таттуу тамагы — сүмөлөктү жыргап жеш кандай жакшы ээ? Андыктан, бул бөлүмдө мезгилдердин келинчеги жаз мезгили менен байланышкан ыр-аңгемелерди окуп, сапарыбызды улантабыз.

## ӨРҮК ГҮЛҮ

Биздин өрүк гүл ачты,
Балдар келип караштты.
Бадырактай көрүнгөн,
Бүчүрлөрүн санашты.
Кароо кыйын таң калбай,
Саноо кыйын бул кандай?
Кандай укмуш агарган,
Кар чүмкөнүп алгандай.

*Т. Үмөталиев*




1. Ырда эмне жөнүндө айтылган?
2. Ырды жаттап ал!



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 8-МАРТ — КЫЗ-КЕЛИНДЕРДИН КҮНҮ





Сүрөттүн негизинде чакан аңгеме түз. Анда бул майрамды өткөн жылы кандай белгилегениң жана быйыл кандай белгилей тургандыгың жөнүндө жаз.



## АПАЛАРДЫН МАЙРАМЫ

Бүчүр бөрткөн даракта,
Келгин куштар сайрасын.
Ырга-күүгө бөлөйлү,
Апалардын майрамын.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Адырларда, түздөрдө,
Байчечекей жайнасын.
Гүл көтөрүп тосолу,
Апалардын майрамын.

Сабак менен тартиптен,
«4», «5» алып ар дайым.
Куттуктайлы баарыбыз,
Апалардын майрамын!

*Т. Самудинов*

## 50 КИЛОГРАММДЫК КАТ



Индиялык Р. Жонс атактуу адамдарга узундан-узун куттуктоо катын жаза тургандардан.

Анын бир каты 250 миң сөздөн турган болчу. Р. Жонс 2 жылдан бери дагы бир катты жазуу менен алек. Анын божомолунда, бул каттын узундугу 2500 метр, оордугу 50 килограмм болушу керек.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Кызык, адамдар ушундай чоң көлөмдө кат жазып жатканда, апалар үчүн алакандай куттуктоо катты жазуу кыйын эместир?.. Анда баштадык.



## БААРЫБЫЗДЫН МАЙРАМЫБЫЗ

8-март — Апалардын жана кыздардын майрамы. Бул күнү сен апаңды, чоң энеңди, эжеңди жана башка кыздарды майрамы менен куттуктаганды унутпа. Бул майрамды бардык жерде майрамдашат.

Апаң жөнүндө ойлонуп көрчү: сенин апаң мээримдүү, сулуу жана акылдуу. Апаң сенин эң жакын адамың. Ал сени бир мүнөткө да унутпайт. Сен жөнүндө кам көрөт. Алар көңүлдөрү куунак болуп, жүздөрүнөн күлкү жайнап, үйдүн да, көчөнүн да жарашыгы болушат. Аларды карап туруп, ар түркүн гүлдөрдү элестетесиң.

Бул майрамда алар жарашыктуу кийинишип, жадыраган жаз күндөрүнүн көркүн ачып, көңүлдөрү куунак болушат. Ошондуктан бул күнү ар бирибиз аларды дагы да бактылуу, дагы да сулуу кылууга аракеттенебиз. Колубуздан келгенинче белектерди беребиз. Биздин мектептеги окууларда жетишкен ийги-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

ликтерибиз, үлгүлүү кулк-мүнөзүбүз да алар үчүн баа жеткис белек болот. Алар кубанса, биз да кубанабыз. Бул күн — баарыбыздын майрамыбыз.



1. Апалардын майрамы качан болот экен?
2. Апалар майрамда кандай болушат?
3. Биз апалардын майрамында эмне кылышыбыз керек экен?

Эненин баскан жери бейиш.

Атаңды сыйласаң акылын ук,
Энеңди сыйласаң эмгегин баала.

## КОЁНДУН КУЛАГЫ



— Ата, неге коёндун
Узун болот кулагы?
Ойлой берип таппадым,
Мына ушул тууралуу.
— Тил албаса баласы,
Энеси элден кызарган.
Сөз киргиче кулагын,
Чоё берип узарган.

*Т. Адашбаев*





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# ШОКОЛАД ДАРАГЫНЫН МЕКЕНИ КАЕРДЕ?

Какао дарагын кээде шоколад дарагы деп да коюшат. Анын мөмөсүндө какао алына турган даны болот. Какаону кум шекер менен аралаштырып, шоколад алынат.

Шоколад дарагы Африкага Американын тропикалык токойлорунан келтирилген болсо да, бат эле ылайыкташып кетти. Анын мөмөсү буурчактуу какао деп аталат. Көрүнүшү кичинекей регби тобуна окшойт. Кызыгы, какаонун мөмөсү дарактын денесинде жана жоон бутактарында бышат. Ар бир мөмөдө 40 ка жакын даны болот. Атайын кайта иштөөдөн кийин дан кургатылат жана түйүлөт. Мына ушинтип какао порошогу алынат. Какаонун уругунан какао майы да даярдалат. Ал дабалоо майлары жана помада даярдоодо колдонулат.




1. «Шоколад дарагы» дегенде эмнени элестеттиң?
2. Ал кайсы өлкөлөрдө өсөт экен?
3. Какао дарагы жөнүндө айтып бер.
4. Какаонун даны жана уругунан кандай максаттарда пайдаланылат?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## АПАМ ИШТЕН КЕЛГЕНДЕ

Апам иштен чаалыгып,
Келет го деп шашамын.
Курсагы ачты жесин деп,
Таттуу токоч жасадым.
Чай кайнатып чайнекке,
Демдеп койдум даярдап.
Өзүм куюп беремин,
Чайга кошуп бал каймак.

*З. Сооронбаева*



Кандай жакшы кыз, ээ? «Өзүм куюп беремин» деп эмне үчүн айтып жатат?

## ГҮЛҮМ, АПАМ

Апам, апам, жан апам,
Күтөм сени жанатан.
Бүгүн майрам — март, тура
Календарды карасам.

Конфеттердин көйнөгүн,
Көп-көп жыйнап жүргөмүн.
Андан кооз гүл жасап,
Үйдүн ичин түрдөдүм.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Көрүп гүлдөр түрдүүсүн,
Көзүң жайнап сүйүнсүн.
Көпөлөгүң мен болом,
А сен — жыттооч гүлүмсүң.

1. Ырды жаттап ал.
2. Сен апаңа кандай белек камдадың?

## СУУНУН КЫЗМАТЫ

Суу — тазалыктын булагы. Ал ар дайым биз менен бирге. Таң эрте ойгоноорубуз менен суу бизге кызмат кыла баштайт. Оболу тиштерибизди, бети-колубузду тазалайт. Таңкы тамагыбызда ысык чай ичип алышсын деп күйүп-бышат. Чайнек, пияла, тарелка, кашыктарды таза болсун деп жууйт.

Мектепте сабак аяктап тыныгууга чыкканда, суусадыңбы, деп дагы кызматка чуркайт. Мектептен курсагы ачып келет деп бизден мурда үйгө шашат. Түштөнүп болооруң менен дагы жуулбаган идиштерди тазалайт.

Биз эс алып жатканда короодогу эгиндерди сугарат, үйдөгү башка жумуштарды аткарууга өтөт. Дагы кечки тамак үчүн иштетиле турган нерселерди тазалоого киришет.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Кечки тамак менен казанда кайнайт. Тамак алдынан колдоруңду жууп ал деп бизге ашыгат. Тамактан соң дагы биз пайдаланган идиштерди, казан-аякты тазалайт. Ушуну менен суунун кызматы бүттү, деп ойлойсуңбу? Жок. Уйкуга жатаардан мурда дагы бардыгыбызга кызмат кылат.

Бул суунун үй-бүлөдөгү бир күндүк кызматы. Анын дагы башка кызматтары да өтө көп. Кана ойлонуп көрчү, суу дагы кандай милдеттерди аткарат?



1. Бир күндө суудан канча жолу жана кандай максаттарда пайдаланасың?
2. Сууну үнөмдөп иштетүүгө үйрөн.



## ЖАЗГЫ НӨШӨРДӨ

Жалбырактар шабырап,
Жамгыр куйду дабырап.
Үй-үйлөрдөн жаш балдар,
Чуркап чыкты жабырап.

Боюн жөлөп терекке,
Чоң атабыз Төлөкө:
— Төгүл алтын, төгүл, — дейт, —
Төгүл элге береке!



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Жамгыр суусун колуна,
Тосуп алып Сайкал кыз:
—Алтын эмес, бул суу,—дейт,—
Мына ата караңыз.

Бул жамгырдын күчүнөн,
Күз болсунчу Сайкал кыз.
Алтын дандуу буудайды,
Тоодой жыйып алабыз.

*Т. Кожомбердиев*




1. Эмне үчүн чоң атабыз: «Төгүл алтын, төгүл!»—дейт?
2. Ырда жамгыр жааган учур кандай сүрөттөлүптүр?

Кыштын камын жазда ойло.

Гүлсүз—булбулдун үнү жок,
Элсиз—ырчынын күнү жок.

Жазгы жамгырга ишенбе,
Кышкы күнгө ишенбе.





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# НООРУЗ — ЭЛДИК МАЙРАМ



Ноорузʼ — эмгектин майрамы. Ал бир айга созулат. Бул мезгилде канчалык катуу эмгектенсең, ошончолук көп, мол түшүм аласың. Ошондуктан Ноорузда ойноп-күлүп, эс алып эле жүрө бербестен, чымыркanып эмгек кылуу керек.

«Нооруз — жаңынын башталышы» деген темада ыр жазууга аракет кыл. Колуңдан келсе, бул темада сүрөт тарт.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# СҮМӨЛӨК

(*Уламыш*)

Илгери бир дыйкан жаз келери менен үрөн деп алып койгон буудайын сууга салып жибитип коёт. Бирок күн бүркөлүп аба бузулат да жамгыр жаап берет. Суудагы буудай өнүп чыга баштайт. Күн ачылбай, бир нече күнгө созулган жамгыр басылбайт.

Дыйкандын бала-чакасы ач болот. Өнүп кеткен буудай убал болбосун деп, андан бир нерсе бышырып берүүнү ойлойт. Дыйкан өнүп кеткен буудайды жанчып, кемпирине: — Мындан бир тамак бышыр, бекер убал болбосун, — дейт.

Кемпир жанчылган буудайды казанга салып кайната берет. Акыры кайнатыштан тажап, капкагын жабат да жатып алат. Эртеси эртең менен ойгонуп казанды ачат. Караса, бир укмуш жыт буркурайт. Аны татып көрсө, абдан даамдуу да, тоюмдуу да экен.

Кийинки жылы жазда дыйкандын балдары дагы ошол тамактан жегилери келгендиктен, сүмөлөк бышыруу адатка айланып калган экен. Ошентип, бул тамак эл арасына кеңири таралып, Нооруздун таттуу тамагына ай-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

ланат. Кийинчерээк дыйкандар буудайды жалаң гана үрөнгө эмес, сүмөлөк үчүн да алып коюша турган болушат.

Адамдар бүгүнкү күндө да сүмөлөктү ден соолугун чыңдоо, күчтүү болуш үчүн пайдалуу тамак катары бышырышат. Сүмөлөк элибиздин улуттук тамагы болуп саналат.




1. Дыйкан жибитилген буудайды эмне үчүн себе албай калды?
2. Кемпир аны эмне кылды?
3. Сүмөлөк кандай бышырылат? Сен аны көргөнсүңбү?

## НАСЫЯТ

Жолобо, балдар, зыянга,
Күнүмдүк ишке кубанба.
Токоңдун айткан насаатын
Эсиңерден чыгарба.
Жаның болсо камынгын,
Жазгысын эмгек кыларга.
Кыюусу келсе сөзүңдүн
Кезектүү кептен уялба.
Жаш кезиңден, эр жигит,
Жалтак болуп суранба.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Жакындаба жанына
Акылы жок урганга.
Кантип ичиң бук болбойт,
Бекер карап турганга.
Ээрчигиле эринбей
Адал ниет кылганга.
Азамат болсоң, боз балдар,
Ачык айтып, ак сүйлө.
Адам болсоң туура жүр,
Кылт этип кыйшык баспаган.
Белсенип жумуш кылгандан
Акылсыз адам эринет.
Кызыкпа, балдар, бекерге
Саргайып адам зеригет.

*Т. Сатылганов*




1. Ырды кандай түшүндүң?
2. Токтогул Сатылганов жөнүндө эмне билесиң?

Акылмандын өзү өлсө да, сөзү өлбөйт.

Жабыла көтөргөн жүк жеңил.

Колуңдан келбеген нерсеге умтулба.





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# ӨЗҮНҮКҮ ЖАНА ӨЗГӨНҮКҮ

Тилек менен Кушубек кошуна жашайт. Бир күнү алар жолду чаңдатып ойноп жүрүштү. Анан чарчашты.

— Чыбыктан ат кылып минели, — деди Кушубек.

Экөө үйлөрүнө кетишти. Тилек короодогу талдан сындырайын деп ойлоду. Бирок аяды. Атасы көрсө тилдейт да. Анан ал Кушубектин короосун карады. Эч ким көрүнбөйт. Жашырынып келип, алардын талынан сындырып алды. Короонун тешигинен сойлоп чыгып келатса, алдынан Кушубек жолукту. Экөө сүзүшүп калышты. Ал дагы талдан сындырып алыптыр. Тааныды, көрсө, Кушубек да өзүнүкүн аяп, Тилектин короосунан сындырганын түшүндү. Кушубек да түшүндү. Ошентип, экөө бири-биринен аябай уялып калышты. Анан ойнобой эле үйлөрүнө кетип калышты.

*С. Рысбаев*




1. Тилектин ойлогону туурабы?
2. Өзүнүкүн аяса, башкалардыкын аябаш керек, деген ой кандай?
3. Сен буга окшош окуялардан эмнелерди билесиң?





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**Ат, нокто, жүгөн, тердик, жабуу, ээр, басмайыл, камчы, ат** деген сөздөрду төмөнкү ырга орду менен коюп оку.

## СҮРӨТТҮҮ ЫР

Эсте болсун ар качан,
 минүүнү кааласаң.
Жакшы болот эң алды
  камдасаң.
  анан да,
 токумду даярда.
Эң керектүү 
Унутпагын, абайла.

 болсун колуңда,
Минсең жакшы  сонун да.
Бирок, аны аздектеп,
Багуу турсун оюңда.

*«Байчечекей» журналынан*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Ат сыноосу бир болот,
Эр сыноосу миң болот.

Аттан айрылсаң — айрыл,
Ээр-токумдан ажыраба.

Жалгыз аттын чаңы чыкпайт,
Жалгыз эрдин даңкы чыкпайт.

## ДҮЙНӨДӨГҮ ЭҢ БОЮ УЗУН АДАМ



Турциялык Султан Косен Гиннестин рекорддор китебине дүйнөдөгү эң бою узун адам катары кирди. Султан Косендин бою 247 см ге тең. 2008-жылда Султандын боюнун өсүүсүн токтотуу үчүн операция жасашкан. Ал 2011-жылы дүйнөдөгү эң бою кичине адам Хи Пингпинг менен жолугушкан. Анын бою болгону 73 см ге тең экен. Экөө катарлаш турганда, Султан Косен Хи Пингпингдин боюнун кичинелигинен, ага карагaнга кыйналганын айтты.

Дүйнө тарыхында эң бою узун киши катары Роберт Вадлоунун (1918—1940) аты жал-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

пыга маалым. Анын бою 272 см болуп, ушул абалында салмагы 222 килограмм эле. Боюнун өтө узундугунан аны Элтон дөө же дөө адам деп аташкан. Бою узун болгондуктан, Роберт адамдарды баш жагынан карай алган.

## БАКТАГЫ ОЮН


Көк карышкыр Ороз болду,
Тумшук тагып иймейген.
Асан, Үсөн короз болду.

Ашымахун мышык болду,
Коркуп качып чычкандан
Аябаган кызык болду.

«Мастан кемпир» Зуура болду.
Жетелетип өздөрүн
Толкун, Гүлнар чууда[1] болду.

Өзүм болсом түлкү болдум.
Жетпей коюп корозго,
Бүт балдарга күлкү болдум.

*Т. Адашбаев*



Ырды жаттап ал.

[1] **Чууда** — төө, нар.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Бөлүм боюнча суроолор

1. Бул бөлүм башка бөлүмдөрдөн эмнеси менен айырмаланат экен?


2. Бул бөлүмдө кандай маанидеги чыгармалар көбүрөөк орун алыптыр?

3. Кайсы чыгармалар сени абдан толкундатты? Аларды ким жазгандыгына көңүл бөлдүңбү?

4. Ушул бөлүм өтүлүп жатканда чыгарма жараттыңбы? Эстеп көрчү, кандай чыгарма жаздың?

5. Төмөнкү кроссвордду толтурсаң, тигинен боёлгон чакмактан улуттук тамактын атын окуйсуң.

1. Тазалыктын булагы.
2. Ушул бөлүмдүн биринчи ырындагы жемиш.
3. Ат мингендин колунда эмне болуш керек?
4. Шатырап куйган жамгыр.
5. Насыят ырын ким айткан?
6. Акылмандын өзү өлсө да, ... өлбөйт.
7. Кайсы даракты шоколад дарагы дешет?






*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# КАНАТТУУЛАР, ЖАН-ЖАНЫБАРЛАР — БИЗДИН ДОСУБУЗ





Сүрөттүн негизинде чакан аңгеме түз. Анда бул темага байланышкан кандай иштерди жасаганың жөнүндө жаз.

## КҮН МЕНЕН ТОРГОЙ

Тоонун таңы атканда,
Торгой чыгат асманга.
Күн асмандан нур төгөт,
Торгой жерге ыр төгөт.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Нурдан гүлдөр албырат,
Нурдан жыргайт жалбырак.
Ыр көңүлдү сергитет,
Ыр көңүлдү эргитет.

Ыр менен гүл болбосо,
Нур менен Күн болбосо,
Кантип көңүл шат болмок,
Кантип жерде жаз болмок!

*С. Жусуев*

## ПИЛДЕР ДА СҮЙЛӨШӨБҮ?

Пилдер алыстагы шеригин көрбөсө да, аны менен өзгөчө үн аркылуу сүйлөшүп турат дешет. Пил чыгарган өтө назик үн он тогуз километр алыстыктагы башка пилдин кулагына жетип барат экен.

## ПАЙДАЛУУ КАНАТТУУЛАРДЫ САКТАЙЛЫ

Айыл чарба өсүмдүктөрүнүн түшүмүн зыяндан сактоодо адамдын эң жакын жардамчыларынын бири курт-кумурскаларды жечү канаттуулар болуп эсептелет.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Алар — чабалекейлер, кара чыйырчыктар, көк чымчык, жылкычы кучкач, торгойлор жана башкалар. Булар биздин талааларыбыздагы эгиндерибизге, жашылча, жемиш бактарга зыян келтирүүчү курт-кумурскаларды терип жешет.

Бир эле көк чымчык бир күндө өзүнүн салмагынан ашык курт-кумурскаларды терип жейт. Кара чыйырчык бир күндө көптөгөн көпөлөк куртун, коңуздарды жок кылат. Күкүк бир саатта 100 гө жакын жылдыз куртун жейт.

Өзгөчө балапандарына жем берип жаткан учурда канаттуулар зыяндуу курт-кумурскаларды көп жок кылышат. Үкү, күйкө, жаман сарылар чычкандарды, келте куйрук чычкандарды жана башка зыяндуу кемирүүчүлөрдү жеп, адамга пайда келтирет.

Мына ошондуктан биз канаттууларды сактайлы. Кыштап калуучу канаттууларга уя жасап, ага жем чачып коюу керек. Канаттуулардын уясын бузбагыла. Пайдалуу канаттуулар адамдын досу. Канаттууларды сактагыла!




1. Канаттуулар адамдарга кандай пайда келтирет экен?
2. Канаттууларды эмне кылышыбыз керек экен?
3. Сен канаттууларга кам көрөсүңбү?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# КАРА ЧЫЙЫРЧЫК

Кара чыйырчык көрсөңөр,
Урбагыла таш менен.
Жыгачтан уя салгыла,
Ала шалбырт, жаз менен.

Кара чыйырчык көрсөңөр,
Атпагыла жаа менен.
Тал башына коздоп,
Үй салгыла кепкенен.

*А. Осмонов*

Табият энедей болуп бардыгыбызга камкордук кылат. Таза аба, таң менен кошо жаркырап чыккан Күн, бизди курчап турган өсүмдүктөр, бак-дарактар — булардын бардыгы байлыгыбыз болуп саналат. Ал эми үйдөгү жана жапайы канаттуулар, жан-жаныбарлар бизге дос болуп эсептелет. Анткени, биз алардын кээ бирлеринен тиричилик үчүн пайдалансак, башкалары бизди зыяндуу таасирлерден коргоп турат. Алсак, канаттуулардын азаюусу зыяндуу курт-кумурскалардын көбөйүүсүнө, эгиндердин бүлүнүшүнө алып келет. Ал эми карышкырды токой санитары дешет. Себеби, ал жабыркаган,



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

сыркоологон жаныбарларды тутуп жеп, өзүнчө тазалоо кызматын аткарат.

Ошондуктан, канаттуулар жана жаныбарларга аяр мамиледе болуу зарыл.




1. Келгин куштар кайсылар?
2. «Канаттуулар менен жан-жаныбарлар биздин досубуз» дегенди кандай түшүндүң?

## СӨӨЛЖАН

### I

Жаандан кийин сөөлжандар эмне үчүн жер бетине жайнап чыгат? Анткени, жамгыр жердин катмарына терең сиңип, сөөлжандар дем алалбай калышат.

Кызык, кээ бир сөөлжандар суудан жаа бою качышса, кай бирлери, тескерисинче, нымдуу, көлчүктүү жерлерди, арыктын бойлорун жакшы көрүшөт. Алардын тиричилиги жер менен тыгыз байланышкан. Ошондуктан, дүйнөдөгү өлкөлөрдүн көбү аларды «жер сөөлжандары» деп атагандары бекеринен эмес. Алар жарыктан качышат. Тиричилигин түн ичинде өткөрүшөт.

Тымтырстыкка бөлөнгөн күүгүм талашта калың бакка барып чөгөлөй отуруп кулак сал-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

саң, сөөлжандардын жамгырдан түшкөн жалбырактарды чээнине кандайча ташып жаткандыгын баамдайсың.

Жалбырак — жамгыр сөөлжанынын азыгы. Чээн — алар үчүн жалаң эле азык сакталчу жай болбостон, калкалануучу жай да болуп эсептелет.

1. Сен сөөлжанды көргөнсүңбү?
2. Жер сөөлжандары суу сөөлжандарынан кандай айырмаланат?

## II

Чээнинен сууруп чыгуу оңой-олтоң иш эмес. Себеби, денесиндеги майда тикенекчелери чээндин бооруна жармашып, жибербей туруп алат. Жердин нымдуулугу, азыктын молчулугу — сөөлжандардын көбөйүүсүнө жана жашоосуна эң жакшы шарт түзөт. Кээ бир түрлөрү 16 жыл өмүр сүрөт дешет. Кышкы каардуу суук тан коркпойт. Жердин тоңунан төмөнкү тереңдикке кирип кетип, түйүнчөктөй оролуп уктай берет.

Жайкы ысыкка да чыдамкай келишет. Аларга нымдуу жер болсо эле болгону. Ысыкта эки, эки жарым, кээде 8 метрге чейинки



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

тереңдикке үңүп кирип кетишет. Күрөк менен казып алуу мүмкүн эмес. Алар топуракты үңүп, майдалап кете беришет. Ал эми сөөлжандар майдалаган топурактын өсүмдүктөр үчүн пайдасы зор.

Алар жердин азыктуулугун 5—6 эсеге арттырат. Бир жылдын ичинде гектарына 60—80 тонна семиртилген топуракты камсыз кылышат.

Чет өлкөлүк адистер сөөлжанды «жердин сокосу» дешип жөн-жай эле аташпайт. Анткени, булар жерди жумшартууну адамзат сокону ойлоп тапканга чейинки эзелки доордо эле баштаган.



1. Кызык бекен?
2. Сөөлжандар жөнүндө эмнелерди билесиң?
3. Алардын биз үчүн кандай пайдасы бар экен?



Уккулуктуу сайраган,
Жаз алдында жайлаган.
Кыш болгондо кетет,
Жазында кайра келет. (Ч..)





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# ТОНУ БАР КҮЧҮК

Бермет менен Гүлжамал короодо кечке куурчак жасап ойношту. Жаздын сыдырым жели жүрүп, аба муздай баштады. Чак түштө күн аябай ысык болуп кеткендиктен, жемперин чечип коюп, жука көйнөкчөн оюнга алаксып отурган Бермет бир кезде чыйрыга баштады.

— Гүлжамал, карачы, мен титиреп жатам, — деди ал.

— Эмне үчүн титирейсиң? — деп Гүлжамал ага суроолуу карады.

— Үшүп кеттим да, ошон үчүн титирей баштадым.

Этек-жеңин кымтылана бүрүшүп отурган Берметти карап:

— Аа, менин күчүгүм да үшүп калса, сага окшоп калтырап-титирейт, — деди Гүлжамал күчүгү эсине түшө калып. Анда Бермет:

— Калп. Күчүк үшүбөйт да, ал деген жүндөн жасалган тонун чечпей эле жүрбөйбү, — деди, анын сөзүнө ынанбай үйүн көздөй жөнөй берип.

Гүлжамал Берметтин сөзүнө ойлонуп калды.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

— Чын эле, күчүгүм Берметчилеп тонун чечпейт да. Анан неге калтырап-титирейт? — деп таңыркай өзүнө-өзү суроо берди.

*Б. Абдухамидова*

## ЖИРАФ

Кыргызча аты — Акыра,
Эске түйүп алгыла!
Моюну узун — иче албайт,
Суу койсоңор алдына.
Биздеги уй, кой сыяктуу
Бул дагы ача туяктуу.
Африка жеринен
Алган жираф туракты.





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# ЗЕБРА

Сыртында агы, карасы,
Кооз ат экен карачы!
Жүгүрөт булар өтө ылдам
Бар сыяктуу канаты.
Куйрук, көкүл, жалы бар,
Абдан чалпоо жаныбар.
Ала-була бул жылкы
Алыстан эле таанылар!

*Б. Асаналиев*




1. Жирафты көргөн белең?
2. Ал жөнүндө балдарга белгилүү «Мадагаскар» мультфильминен билгендериңди айтып бер.
3. Носорог аттуу жаныбардын Керик деп аталышын кандайча чечмелесе болот?
4. Зебранын кара тактуу ак ат экенин билет белең? Бул жөнүндө үйүңдөгүлөрдөн сурап көрчү.

Эң бойлуу жаныбар — акыра. Англиянын Честер зоопаркындагы тогуз жашар акыранын бою 1959-жылы 6 метрге — эки кабат үйдүн бийиктигине жеткен.

*«Байчечекей» журналынан*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE


## БӨРСӨ

Мойнун созуп баласы,
Чөнтөгүндө эркелейт.
Кээ бир элде кенгуру,
А кыргыздар БӨРСӨ дейт.

Бөлтүрүк деп, музоо деп,
Баласынан чаташат.
Туура болот чынында,
БӨРСӨЛӨЙ деп атасак.

*Т. Самудинов*

«Кенгуру» деген сөз Австралияда жашаган жергиликтүү элдин тилинен которгондо «Мен сизди түшүнбөдүм», дегенди билдирет экен.





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Ал жерге жаңыдан барган европалыктар бөрсө-бөрсө секирип бара жаткан жаныбарга таңданышкан. Жергиликтүү элден бул эмне экендигин сураганда алар суроого түшүнүшпөй: «Кен-гу-ру», деп айтышкан. Тил билбегендин айынан бул жаныбар ушундай аталып калган.

## МАЙМЫЛЧА

Жандыктардын балдары
Бир топ, бир топ санасаң.
Музоо, кулун, бөлтүрүк,
Күчүк, тайлак, балапан...

Бул тизмени нарыга
Дагы узартып көрөлү.
Калтырбайлы унутта
Мый, торопой, жөжөнү.

Керте дешет илгертен,
Бала кезин кериктин.
Эсебиңе кошо жүр,
Чаарчыгын эликтин.

А баласы маймылдын,
Башыңды эгер маң кылса,



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Сөздүктөрдөн издебе,
Анын аты — МАЙМЫЛЧА.

*Т. Самудинов*

1. Бул жерден жаныбарлар менен алардын балдарынын аттарынын ортосундагы кандай жакындыкты байкасак болот?
2. Ырда көрсөтүлбөгөн дагы кандай жандыктардын балдарын билесиң?

## АЙБАНАТТАРДЫН ТАЛАШЫ

Уй, ат, ит — өздөрүнүн кимисин ээси жакшы көрөрүн талашышат.

— Албетте, мени, — деди ат. — Анткени буурусун менен маласын тартып берем. Токойдон отун алып келем. Өзү болсо мени минип алып, каалаган жагына барат. Менсиз анын күнү өтпөйт!

— Андай эмес, ал мени өзгөчө жакшы көрөт, — деди уй. — Мен анын бүтүндөй үй-бүлөсүн сүтүм менен багам!

— Жок, мени, — деди ит ырылдап. — Мен анын бардык мал-мүлкүн кайтарып берем!

Эртеден бери алардын талашын угуп турган кожоюн акырын басып келди да, мындай деди:



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

— Болбогон талашыңарды койгула. Силердин ар бириңер өз кызматыңар менен баалуусуңар, ошон үчүн мага керексиңер!

*К. Ушинский*



1. Айбанаттар эмне үчүн кожоюнуна жакын болгулары келишет?
2. Кожоюндун айткан сөзүн кандайча түшүндүң?

## КӨПӨЛӨКТҮН ЫРЫ



Гүл түспөлдөш канатым,
Мен көпөлөк баласы.
Учуп-конор аймагым,
Көк менен жер арасы.

Гүлгө барып кономун,
Гүлдүн балын соромун.
Көбү билбейт гүлдөрдүн,
Даамы ширин болорун.

Чымчык көрсөм качамын,
Кутулганча шашамын.
Эркин учуп бийлөөдөн,
Эч убакта талбаймын.

*Ж. Садыков*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# Бөлүм боюнча суроолор

1. Канаттуулар бизге кандай пайда келтиришет?

2. Алар жөнүндө дагы кандай ырларды билесиң?

3. Канаттуулар жана жаныбарлар жөнүндө кандай кызыктуу окуяларды билесиң?

4. Канаттуулар, жан-жаныбарларга аяр мамиледе болуу керек бекен? Эмне үчүн?

5. Сөздөрдү туура коюп, кроссвордду толтурсаң, андагы жашыруун эки сөздү окуйсуң.

6. II кроссворддо берилгендер кайсы жаныбарлардын балдары?

I.



II.



I. Бүркүт, чабалакей, тоок, турна, каз, булбул, тоос.

II. Кулун, торопой, бөжөк, мый, бөлтүрүк, маймылча, тайлак.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# IV ЧЕЙРЕК

## ЭМГЕК — БАКЫТ АЛЫП КЕЛЕТ





Эмгек — ердин көркү,
Эр — элдин көркү.

Адамзаттын даңкын чыгарган — эмгек.
Арамзанын жанын чыгарган — эрмек.

Эмгек — адамдын үзүрү.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## ТҮЛКҮ МЕНЕН КУМУРСКА

(*Жомок*)

Түлкү менен кумурска шерик болуп буудай айдашты. Митаам түлкү:

— Башым ооруйт, кымыз ичип келбесем, — деп күндө жайлоого кетип калат.

Кумурска жалгыз өзү буудайды сугарып, оруп-жыйып, бастырды. Бир күнү түлкү үйүлгөн кызылды көрүп, ичинен кымыңдап, кумурсканы алдап, эгинди бүт өзү алгысы келди:

— Кумурска, муну бөлүп убара болбой эле коёлу. Андан көрө жарышалы да, кимибиз биринчи чыксак, буудайды бүт алалы. Артта калганыбыз куру калалы, — дейт.

Кумурска ойлонуп туруп, түлкүнүн айтканына көндү. Жарышчу жерге барып экөө катар турду. Түлкү: «кеттик», — деди да, кулагын жапырып, чуркаган бойдон жөнөдү. Кумурска ага чейин түлкүнүн куйругуна чап жармашты.

Түлкү кырмандын четине келип: «Кумурска кайда келе жатат болду экен?» — деп артын жалт карап, анан токтой калып силкингенде кумурска ыргып түшүп, үйүлгөн кызылдын үстүнө чыгып:



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

—Ой, сен эмнени карап турасың?—деп кыйкырды. Түлкү чочуп кетип:

—А сен качан келдиң?—деди.

—Менин келгеним качан!.. Сени күтө берип эригип кеттим,—деди кумурска.

Түлкү айласы жок, же тапкан пайдасы жок жолго түштү. Кумурска өз эмгегине өзү ээ болуп, буудайын кампага ташып төктү да, жыргап-куунап жатып калды.




1. Эмне үчүн жомокто митаам түлкү деп жазылат?
2. А кумурска жөнүндө «өз эмгегине өзү ээ болуп» дегенди кандай түшүнсөк болот?
3. Жомоктогу кайсы каарман жакты, кайсы каарман жакпады? Эмне үчүн?



Актын иши оң болот,
Каранын иши кор болот.

Мээнетиң катуу болсо,
Татканың таттуу болот.



## ЭМГЕКТЕНИП ӨТКӨРӨМ

Ай, абаке, жумуш бер,
Ал жеткенче иштейин.
Бешенемден аксын тер,
Анан токоч тиштейин.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Али кичик болсом да,
Жалкоолукту жек көрөм.
Балалыктын күндөрүн,
Эмгектенип өткөрөм.

*Б. Асаналиев*



Эмгек кылсаң жашыңдан,
Дөөлөт кетпейт башыңдан.

Эмгек — дайра, билим — кеме.

Иштегениң биз үчүн,
Үйрөнгөнүң өзүң үчүн.

## ЖАРДАМЫМ

Ар күнү таң ата
Алыма жараша,
Иш кылам мен дагы
Апамдан талаша.

Жыйнашып табагын
Жасашам тамагын,
Андан соң отурбай
Мектепке барамын.

*Ж. Садыков*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



1. Ырда эмне жөнүндө айтылган?
2. Кандай жумуштар колуңдан келет?
3. Ырларды жаттап ал!

## АТАНЫН УУЛУ

Атасы берген тапшырманы Керимбек тез бүтүрүүгө шашты. Арыктын ичиндеги таштарды туш келди ыргытып, бутак, куурайларды тырмооч менен тышка чыгарды. Жумушун шашып-бушуп бүтүрдү да, атасына жөнөдү.

— Ата! Мен бүттүм, — деди ал мактаныч менен.

— Заматта элеби? — деди атасы. — Кана көрөлүчү?

Ал ишин токтотуп коюп, уулунун бүтүргөн жумуштарын текшере баштады.

«Мактайт азыр», — деп ойлоду Керимбек.

Атасы арыктын сыртына ыргытылган таштарды, ар кайсы жерде жаткан жалбырак, куурайларды нааразы боло карап, башын чайкады.

— Ай-ай-ай! Жакшы эмес! Чала бүтүргөнсүң. Кимдин баласысың? — деди атасы кызык суроо берип.

— Султандын.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

— Көрдүңбү! Султандын баласы болсоң атаңа сөз тийбегендей кылып бүтүрүп жүр ишти. Көргөндөр: «Бул ишти Султандын баласы жасаган!» — деп айтышсын. Эми карап тур!

Атасы колуна күрөгүн алып, арыктын ичин тазалай баштады. Эки кырын тегиздеп, жаан ураткан жерлерин кайра түздөп, сербейген чөптөрдү кырып салды. Эми арык көзгө сонун көрүнүп калды.

Туш келди ыргытылган таштарды чогултуп, аны экөөлөп аңгекке ташышты. Ыпыр-сыпырлардын бардыгын чогултуп, орго салып жиберишти.

— Кана уулум, иш бүттү. Эми карап көрчү, — деди атасы.

Короонун ичи таптаза, арык жаңы чабылгандай эле.

— Мына эми Султандын баласы бүтүргөн ишке окшоду, — деди атасы.



1. Керимбек жумушту кандай иштеди?
2. Атасы эмне деди?
3. Атанын уулу деген эмне?
4. Сен да ушинтесиңби?



Атанын уулу болуш урмат,
Элдин уулу болуш кымбат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## ВЕТЕРАН — АРДАГЕР

Көп жыл бою узанып,
Баскан экен көөрүктү.
Азыр болсо өстүрөт,
Алма, жүзүм, өрүктү.

Ак сакалы жайкалып,
Төшү толо орденге.
Сыймыктана кетебиз,
Ал атаны көргөндө.

Самап жүргөн кезибиз,
Күчкө эртелеп толууну.
Ар бирибиз каалайбыз
Ал атадай болууну.

*К. Курманбаев*




1. Жалкоолук жакшыбы?
2. «Ветеран — ардагер» ырында сөз ким жөнүндө болуп жатат?
3. Балдар эмне үчүн ардагер атадай болгулары келишет?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



«К» тамга менен айтсак,
Жылкынын куйрук, жалы.
«Ж» менен айтсак эгер,
Мезгилдин эсеп маалы.

(К.., Ж..)



## БАКА ЖУТКАН ЖЫЛАН

### I

— Ээ-эй, чоң апа, жүрөгүбүз түшүп калды. Абдан чоң жылан көрдүк. Оозуна бака тиштеп алыптыр. Бар эмеспи ээ, көзү тим эле чакчайып турат. Көрөсүңбү, тиякта?! — дешип, неберелери энтеңдеп жетип келишти.

Чоң эне неберелерин ээрчитип барса, чын эле арыктын кырындагы буудайлардын арасында жылан жатыптыр. Кыбырап, сойлоого дарманы жоктой.

— Аа, карангү-үн, — деп чоң эне кейип койду. — Байкушум, өлөт го эми. Жылдыз, сен тиги Сонунбү апаңды чакырчы! Экөөлөп бака менен жыланды ажыратып коёлу!

Сонунбү кыйылып коркот. Чоң эне такыр болбоду.

— Убал эмеспи байкуш жыланга. Бакага да.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

1. Чоң эненин неберелеринин жүрөгү эмнеге түшүп калды?
2. Жылан эмнеге чоңоюп кетти деп ойлойсуң?
3. Чоң эне эмне үчүн эле аны «байкушум», «убал го» деп аяп жатат?
4. Эми эмне болот деп ойлойсуң?

## II

Неберелери таңыркап, алыстан элейип карап турушат. Килейген чоң жыланга жакын барып, таягы менен чукулаган чоң энесине таң калышат.

— Бас, сен, куйругунан таяк менен бекем басып тур. Ата көрү, өлүп бара жаткан жандан да коркобу?..

Чоң эне таягы менен жыландын алкымынан басканда бака оозунан чыгып кетти. Жоон болуп турган жылан эми абдан эле ичкере түштү.

— Эгерде баканы арт жагынан жутканда, анда жутуп жибермек. А бул чукул чыгып калганда оозуна кептеле түшкөн тура. Мейли, жылан болсо да жашай берсин, тийбегиле! Бака да өз күнүн көрө берсин, урбагыла! — деди чоң эне.

*Н. Субанкулов*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

1. Чоң эне туура кылдыбы?
2. Биз ойлогондой абдан чоң жылан, абдан чоң бака бекен?
3. «Жылан үйүңө кирсе, ак чачып чыгар!» Бул насыяттты кандай түшүндүң?

## ТИШИМ ӨТПӨЙТ

Илимий бир китепти,
Көтөрүп барып Элчибек,
Чоң атасынан суранат:
— Окуп берчи муну?— деп.
Чоң атасы китепке,
Көз жиберип шашылбай:
— Уулум, буга тишим өтпөйт, —
Деди чынын жашырбай.
А, Элчибек анын сөзүн
Түшүнүп түз мааниде,
Күлүп ийди: — Окуйсуң-да,
Жемек белең аны же?!

*Т. Максутов*

Арыба, жеткинчек! Макал-табышмак, ырларды жаттап, аңгеме, жомокторду окуп чаалыкпадыңбы? Мында берилгендердин бардыгы сенин келечекте жеткилең инсан болууң үчүн өз үлүшүн кошот. Арийне, Президентибиз



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Ислам Абдуганиевич Каримов «Перзенттерибиз бизге караганда билимдүү, күчтүү, акылдуу жана сөзсүз бактылуу болууга тийиш», — деп айткан. Андыктан, ата-энең гана эмес, бардыгыбыздын сенден үмүтүбүз чоң. Билим кенин талбай казып, үмүтүбүздү актаарыңа ишенебиз. Сага ак жол!



1. Китепте берилгендер сага кандай үлүшүн кошот экен?
2. Урматтуу Президентибиз эмне деп айтыптыр?



## ЖАҢЖАЛ

Таң калтырып бир кепке,
Талант минтет Тилекке:
— «Нексия» утсам мына бул
Лотерея билетке,
Минип барам бакчага,
Рулду өзүм башкара.
Анда балдар түшүрбөйм,
Ала кет деп жатса да.
Баары түшсө чурулдап,
Машина анда бузулат.
Отургузам артына,
Эгер калсаң учурап.
Анда Тилек талаша:



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

—Түшкөнүмө жараша,
Олтурамын алдыңа,
Сени менен жанаша.
Аялдабай азыраак,
Талант минтип бакырат:
—Тил албасаң түш анда,
Машинадан батыраак!

*Ж. Тынымсеитова*



Ырды ролдоштуруп окугула.



Баш тамгаларын туура таап, чекиттин ордуна койсоң, тигинен бир сүйлөмдү окуйсуң.

...аман иштен ыраак бол,
...та Журтка кубат бол,
...араңгыда чырак бол,
...ылдыр аккан булак бол,
...нтымакка ынак бол.
...куп бойго жеткенде,
...ызмат кылгын мекенге,
...шул жагын бекемде.
...улут тоспой күнүңдү,
...мүр сүргүн көңүлдүү.
...аарын камдап кең Мекен
...с, өскүн дейт, төгүнбү?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

...үлдөй жайнап дагы да,
...лгү болуп баарына,
...азмундуу сүр өмүрдү!



1. Ырдын автору кандай тилек билдирип-тир?
2. Ырды жаттап ал.

## Бөлүм боюнча суроолор

1. «Эмгек — бакыт алып келет» дегенди кандай түшүндүң?
2. «Түлкү менен кумурска» деген жомоктон кандай жыйынтык чыгардың?
3. Эмгек жөнүндө кандай ырларды, макал-лакаптарды билесиң?
4. «Атанын уулу» аңгемесинен кандай жыйынтык чыгардың?
5. «Бака жуткан жылан» аңгемесинде чоң эне эмне үчүн жыланды куткарды?
6. Сандардын ордуна тиешелүү тамгаларды коюп окусаң, эмгек жөнүндө бир макалды табасың.

| 12 | 3 | 15 | 14 | 11 | 6 | 2 | 9 | 4 | 2 | 10 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Э | М | Г | Е | К | Ч | И | Л | Д | И | Н |

| 10 | 7 | 10 | 16 |
|---|---|---|---|
| Н | | | |

| 1 | 7 | 1 | 1 | 13 | 13 |
|---|---|---|---|---|---|
| Т | | | | | |

| 5 | 8 | 9 | 8 | 1 |
|---|---|---|---|---|
| Б | | | | |

| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 | 12 | 13 | 14 | 15 | 16 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Т | И | М | Д | Б | Ч | А | О | Л | Н | К | Э | У | Е | Г | Ы |



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# ЖАРКЫРАГАН МАЙ АЙЫ





Сүрөткө карап, май айындагы бул укмуштуудай көрүнүшкө өз алдынча чакан аңгеме түз. Колуңдан келсе ыр жаз же сүрөт тарт.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# КАНДАЙ КООЗ МЕЗГИЛ

Жылдын эң кооз мезгили кайсы деген суроо болсо, албетте, мен май айы деп жооп берээр элем. А сенчи?

Айланаң кандай гана кооз! Түркүн түстөгү гүлдөр. Учуп-конуп жүргөн көпөлөктөр, ызылдаган аарылар жаратылыштын көркүнө көрк кошуп турат. Жер бети жашыл кымкап жамынган. Кайда караба, көз жоосун алган кооздук! Бак-дарактар гүл ачып, алардан жерге гүл жаап турат.

Кышында тили катып калган чымчыктар да айлананын кооздугуна суктана, өзөндөрдө күркүрөп аккан, арыктарда шылдырап жаткан суулардын деми менен жан дүйнөсү балкып эрип, мукам үнү кайра келип, муңканып, безеленип сайрап турган учуру. Канаттуулардын миң түркүн үндөрү — табигаттын теңдешсиз музыкасы эмеспи!

Ал эми май айындагы жаңы эле жаап басылган жамгырдан же жеңил мөндүрдөн кийинки кооздук көңүлүңдү көтөрүп, ырдагыңды эле келтирет. Ыргактар өзүнөн-өзү эсиңе түшөт. Колуңа кыл калем алып, укмуштай бир кооз сүрөт жараткың келет...



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

1. Текстти окуп жатканда кайсы ыр, кайсы музыка, кайсы сүрөт эсиңе түштү?
2. Май айынын кооздугун сен кандайча элестеттиң?
3. Кел, экөөбүз да табигаттын кооздугуна суктануу менен бирге ага карата бир чыгарма жараталы!

## КҮН НУРУ

Эрте туруп баарынан,
Таңкы желге таранам.
Муздак суугa жуунуп,
Күзгү кылып таранам.

Күн чыкканда тоолордон,
Гүлдөр башын көтөрөт.
Чагылышып нурларга,
Бүркүт учат көкөлөп.

Күндү тосуп жүгүрүп,
Сүйөм жайдын бул чагын.
Кубанамын өзүмчө,
Күнгө тосуп кучагым.

*К. Жуманазаров*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# ШУРУ ЖОГОТКОН КЫЗ

Жерди булут барсайган,
Булут менен аткылап.
Так түйүлүп эрке кыз,
Куунайт колун чапкылап.

— Мен жоготкон шурулар,
Көктөн түшүп келишти ай!
Жүр, чоң эне, теришчи ай!
Бол, чоң эне, теришчи ай!

Чыкса алар Күн күлүп,
Саап туруптур нурун ууз.
Жерге житип кетиптир,
Сууга айланып «шурубуз».

*Т. Муканов*




1. Чын эле шурулар көктөн түшүп келдиби?
2. «Ууз», «нурун ууз» дегенди кандай түшүндүң?
   Ууз — алгачкы, жаңы.
   Ууз нур — жаандан кийинки жаңы, алгачкы нур.
3. Ырларды жаттап ал.





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## ААРЫ МЕНЕН КҮЧҮК



Гүлгө конгон аарыларды
Акматбектин күчүгү,
Жыттап алып заматта,
Тумшугу бүт шилинди.

«Адашпаймын эми», — деп,
Айтаар беле тили болсо.
Безип качат жолобой,
Аары тургай гүл көрсө.



*Ж. Абдыкалыков*




1. Күчүктүн тумшугу эмне үчүн шишип кетти?
2. Эмне үчүн гүлдөн да качып калды?

## ЖАЙЛОО



Жутсаң көңүл ачылган,
Жайлоонун суусу көк кашка.
Жаңы кийим жытындай,
Жайлоонун жыты бир башка.

Жатсаң көңүл сергиген,
Жайлоонун чөбү бир башка.
Жаш баланын жытындай,
Жайлоонун жыты бир башка.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Ар адамга жагымдуу,
Айран, жуурат, кымызы.
Жылкычынын кызынын,
Кийгендери кырмызы.

Көз жетпеген өрдөштө,
Сан жетпеген мал жатат.
Жайлооң болсо дөөлөттүү,
Жүрөгүңдү жашартат.

*А. Осмонов*




1. Жайлоонун жыты, суусу кандай экен?
2. Жайлоого баргансыңбы? Барсаң айтып берчи?

## ЖАҢЫ ТУФЛИ

Майрам алдында Айгүлгө атасы жаңы туфли сатып келди. Айгүл аябай сүйүндү. Атасы ага боосун бантик кылып байлаганды үйрөттү.

Айгүл курбуларына туфлисин көргөзмөкчү болуп, үйүнө чуркап кирди. Ата-энеси үйүндө жок эле. Туфлисин эми өзү каткан жеринен таап кийип, боосун атасы үйрөткөндөй кылып байлай баштады. Канча жолу байласа да боосунун улам бир жагы серейип, атасынын



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

байлаганындай кооз болбоду. Анан ал узун болуп калган учун улам кесе берип, боону байлоого таптакыр жаратпай койду. Өзү мунусуна аябай кейип, ыйлап жиберди.

Эшикте күтүп турушкан курбулары эми аны эмне дешет?




1. Айгүлгө атасы эмне сатып келди?
2. Айгүл эмне кылды?
3. Атасы эмнени үйрөттү?
4. Андан кийин эмне болду?
5. Чындап эле достору эмне дешет?



## ҮЙРӨНӨМ

Кыргыз тили — эне тилим,
Орус тилин билемин.
Эми болсо англисче,
Билсем деген тилегим.

Дик-дик кагат, дик-дик кагат,
Дикилдеген жүрөгүм.
Дүйнөдөгү тилдин баарын
Үйрөнсөм деп жүрөмүн.

Карап, карап узатамын,
Кайкып учкан куштарды.
Э бой — бала, бала — э бой
Э гөл, деймин кыздарды.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Дик-дик кагат, дик-дик кагат,
Дикилдеген жүрөгүм.
Дүйнөдөгү тилдин баарын,
Түшүнсөм деп жүрөмүн.

Көп тил билсең, көп дил билип,
Көп өлкөгө барасың.
Көп өлкөгө барганыңда,
Көп досторду табасың.

*А. Рыскулов*



1. Бала кайсыл тилдерди билет?
2. Дагы кайсыл тилдерди билгиси келет?
3. Ал тилдерди билсем кайда барам дейт?
4. Сен кайсы тилдерди билесиң?

## АЛДАР КӨСӨӨ

*(Эл оозунан)*

Бир күнү өзүн акылдуу сезген бирөө Алдарга карап мындай дейт:

— Сени эмне үчүн Алдар Көсөө дешет, айлакер болсоң, мени алдап көрчү?

— Мени алдаганга усталыгым үчүн ушинтип аташат. Бирок сени алдашым үчүн башыма алдар калпагымды кийип келишим керек да. А түгөнгүр калпагым болсо үйдө калыптыр.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

— Мен сен ойлогон адамдардан эмесмин. Мени алдар калпагың менен да алдай албайсың.

— Менин Алдар Көсөө экендигиме сени ишендирүүм үчүн үйдөн калпагымды алып келишим керек. Минип турган атыңды берсең, барып келе коёюн.

Алдардын бул сөзүнө чындап ишенген тиги минип турган атын берет. Алдар атты минип чапкан бойдон кетет. Ал эми өзүн акылдуусунган тиги адам Алдарды көпкө күтүп, эми чындап алданганын сезгенден кийин жер муштап кала берген экен.

*Д. Сулайманов*

1. Алдар тиги кишини кантип алдаптыр?
2. Алдар эмне үчүн калп айтты? Деги анын алдар калпагы барбы?
3. Анын жасаганы туурабы?

## КЕЧ ЧЫГАТ

— Кайсы тиши адамдын,
Баарынан кеч чыгарын,
Ким айкындап берет, — деп
Сурап калды мугалим.
— Мен, — деп колун көтөрдү,
Тура калып Муратбек.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Айта салды шыр гана:
—Алтын тиш кеч чыгат—деп.
Күлүп балдар туш-туштан,
Жемеге ала кетишти.
—Акыл азуу кеч чыгат,
Билип ал,—деп зекишти.

*А. Кыдыров*



1. Мугалим балдарга кандай суроо берип-тир?
2. Муратбек эмне деп жооп берди?
3. Чынында кайсы тиш кеч чыгат экен?



Жаш улук эмес, акыл улук.

Көптү көрбөй, көсөм болбос,
Көп сүйлөбөй, чечен болбос.

## ЖОГОЛГОН УЛАКТАР

Болот абдан так эле,
Болот абдан сак эле.
Өзү багып чоңойткон,
Үч улагы бар эле.
Бирок Болот бир жолу,
Улактарын карабай,
Жатып уктап калыптыр,
Уят болду аябай!



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Үч улактан башкасын,
Бүт жоготуп алыптыр.
Кана балдар Болоттун.
Канча улагы калыптыр?

*А. Рыскулов*



1. Ырды жаттап ал.



## ЧЫПАЛАК БАЛА

### I

Бар экен, жок экен, бир кемпир-чалдын бою чыпалактай баласы бар экен. Чыпалак деген бала чыпалактай эле болгон экен. Аны карышкыр жутуп алыптыр... Элден мурун төө жеп коёт. Чыпалак балтыркандын жалбырагына көлөкөлөп уктап жатса, ошол жерде оттоп жүргөн төө аны жалбырак менен кошо аймап коюптур. «Төө жутканын билбейт, кепшегенин билет», деп ошондон улам айтылып калган тура.

Чыпалак төөнүн ичинен чыңырып, жардам сурайт. Аны уккан абышкалар төөнүн курсагын жара тартып, баланы куткарып алыптыр.

Ал эми карышкыр жутуп алганы абдан кызык! Суктугу да бөрүнүн, суктугунун азабын тартып, анан ыйлап жүрбөйбү.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Бир күнү желип-жортуп келатып, карышкыр Чыпалакка жолугуп калат.

—Кедеңдеген сен кимсиң? Жалмап коёюнбу? — дейт карышкыр.

—Кой, антпе! — дейт Чыпалак. — Өзүңө жаман, ит кылып салам.

Ха-халап каткырат карышкыр.

—Карышкыр ит болуптур дегенди сага ким айтып жүрөт? Ушу кытмырдыгың үчүн жейм сени! — деп карышкыр баланы жутуп коёт. Жутуп алып, эсинен чыгарып жиберет. Бирок анан эстен чыгарышты көрүп ал, бөрү бөрүлүктүн күнүн көрбөй калат. Койлорго жакындап келатканда эле Чыпалак кыйкырат:

—Эй, койчуман, уктаба! Мен, Көк бөрү, коюңа кол салганы баратам!




1. Чыпалак деген кандай бала экен?
2. Ал кантип бөрүнүн курсагына түшүп калат?
3. Чыпалак эмне үчүн бөрүгө «Өзүңө жаман, ит кылып салам», — дейт?



## II

Карышкырдын айласы кетет. Жерге ооналактайт, эки капталын кабат. Чыпалакка эмне, ого бетер кыйкырат:



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

— Эй, койчулар! Чуркагыла бери, ургула мени!

Койчулар карышкырды кууп калат, карышкыр куйругун кыпчып алып качып берет. Кууп келаткан койчулар өздөрү айран-таң. «Бул эмнеси бөрүнүн? Өзү качып баратат да, кууп жеткиле, деп кыйкырып барат!»

Карышкыр болсо эптеп качып кутуларын кутулат. Бирок кутулганда эмне, курсагы ач да. Ошентип, кайда барса да, мал-жанга жакындаар замат ичинен Чыпалак кыйкырып, карышкырдын айласы түгөнөт. Арыктап өлө турган болду. Азууларын шакылдатып:

— Эми эмне кылам? Кайда барсам да балээни өзүм башыма үйүп алам, — деп солуктап жатат. Анда ичинен Чыпалак шыбырайт:

— Ташматка бар, койлору семиз. Байматка бар, иттери дүлөй. Эрматка бар, койчулары уйкучу.

Карышкыр уңулдайт:

— Айтканыңа көнбөймүн, андан көрө адамга барам да, ит болуп жалданып алам.

Ошентип, ит болуп калган экен.

*Ч. Айтматов*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

1. Чыпалак бөрүнүн сазайын кантип берди?
2. Ал ыйлаган бөрүнү кантип соороттү?
3. Аягында бөрү кантип ит болуп калды?

## АСЫП ЖАТАМ ЖАЙЫНА

Назгүл апа төшөк тигип,
Чарпаяда олтурган.
Небереси алмаларды,
Коюнуна толтурган.
—Түшкүн төмөн, Касиет,
Чыкпай алма шагына!
—Түшүп калган алмаларды
Асып жатам жайына!

*Т. Адашбаев*

1. Ыр жактыбы?
2. Касиет эмне кылды?
3. Алмадан түшкүн деген энесине Касиет эмне деди?

## КУУРЧАК ЖАНА БАЛА

Илгери-илгери бир падыша болуптур. Күндөрдүн биринде ал өзүнө коңшу мамлекеттин падышасын сынамакчы болду. Зергер-усталарына алтындан үч окшош куурчак жасатты да чабармандан берип жиберди.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Чабарманга: «Бул куурчактар өңү-түсү, салмагы, өлчөмү жагынан бирдей, бирок баасы ар кандай. Бири арзан, экинчиси кымбат, үчүнчүсү андан да кымбат. Мына ошонун сырын чечип берсин», — деп эскертти.

Коңшу падыша куурчактарды карап көрүп, алардан эч бир айырманы таппады. Көп убара болду. Көптү билген, көзү канык карыялардан, чебер усталардан, вазирлерден сурады. Алар да ары карап, бери карап, акыры «бул куурчактарда эч айырма жок» деген бүтүмгө келишти.

Акыры бул куурчактардын кабары жер-жерге тарады. Чоң-кичине дебей үч куурчак жөнүндө сүйлөшүп жатышты. Муну жасабаган айыбы үчүн зынданга түшкөн жетим бала укту да, кароолчуга:

— Эгерде ошол куурчактарды мага көрсөтүшсө, алардын айырмасын айтып берер элем. Ал үчүн көп нерсе да сурабайм. Зындандан чыгарса болду, — деди.




1. Кошуна падыша кандай сыноону коюптур?
2. Анын жандырмагын эмне үчүн таба алышпаптыр.
3. Жетим бала жандырмагын тапканга эмнени сурамакчы болду?





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## II

Муну уккан падыша баланы ордого алып келтирди. Бала куурчактарды карап отуруп, алардын кулактары көзөлүү экенин байкады. Анан ал ичке зымды алып биринчи куурчактын кулагына тыкты. Кулагына кирген зымдын учу анын оозунан чыкты. Экинчисинен өткөргөндө зымдын учу берки кулагынан чыкты. Үчүнчү куурчактын кулагынан өткөргөн зым анын ичинде калды. Бардыгы буга аңтаң болушту.

Ошондо бала мындай деди:

— Урматтуу падышам! Куурчактар да адамга окшош экен. Биринчи куурчак бирөөдөн укканын ошол замат элге айтып салчу оозу бoштор сыяктуу. Ошондуктан мунун баасы арзан. Экинчи куурчак оң кулагы менен укканын сол кулагынан чыгарып жиберген, өзүнөн башканы укпаган, кеңешке келбеген, кеп жебес адамдарга окшош экен. Үчүнчү куурчак кандай гана сөз болбосун сыртка чыгарбаган, аны өзүнчө ылгап талдаган, оор басырык адам сыяктуу. Андыктан мунун баасы кымбат.

Бул табышмактын сыры чечилгенге бардыгы ыраазы болушту. Балага алкыш ай-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

тышты да, куурчактардын кайсынысы арзан-кымбат экенин жазып, баягы падышага жөнөтүштү. Жетим баланы болсо зындандан чыгарып, падыша өзүнө кеңешчи кылып алган экен.

1. Бала куурчактардан эмнени тапты?
2. Куурчактар бири-биринен эмнеси менен айырмаланат экен?
3. Муну бала кандайча чечмелеп берди?
4. Берген жообу үчүн падыша аны кантип сыйлады? Эмне үчүн?

Кой солдогу жолдобу,
Же жолдон солдобу?

Бул — Байыштын сагызы,
Бул — Самыштын кайышы.

## КОМУЗ КҮҮСҮ

Комуз чертет Нураалы,
Шыңгыратып мукамдуу.
...Сокмок жолдой буралып,
Түтүн көккө узарды.
Торгой калкып төбөдө,
Көкүрөктөн ыр төгөт.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Аалам кулгун, көгөргөн,
Чагылганда ыр түнөп...
Дыйкан ата кубанып!
Дан сапырат шамалга.
Түлкү чочуп бүркүттөн,
Өлүм келди алдыга.
Кимдир бирөө ат чаап
Көк бөрүгө баратат.
Туягынан от ыргып,
Калат артта кара бак...
Тынчып калды чыйырчык,
Угулдубу ат үнү? ...
Ийик ийрийт энекем,
Килем согот чок гүлдүү...
Ала-була тоодо кар
Байчечекей убагы.
Арча жыты буруксуйт,
Көңүлгө ынак суу шары...
Күү да бүттү мен ага
Алкыш айттым чын дилден.
Күүдөй болуп тууган жер,
Өтүп жатты көзүмдөн...



*Т. Адашбаев*





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# СУУ — ТЕҢДЕШСИЗ БАЙЛЫК

Суу тамак-аш катары жана саламаттыкты сактоодо адамдар үчүн абдан зарыл байлык болуп саналат. Суу планетабыздын үчтөн эки бөлүгүнөн көп аянтты ээлейт. Маалыматтарга караганда, Жер шарындагы суунун 96,5 пайызы океан жана деңиздерге топтолгон шор суу саналат. 2 пайызы болсо муз абалында, болгону бир пайыз бөлүгүнөн ичимдик суусу катары пайдаланылат.

Ушул бир пайыз суунун канчалык зарыл экендигин, аны үнөмдөө керектигин жакшылап ойлоп көрчү. Бирок сууну коромжу кылбастык эрежесине бардыгыбыз амал кылып жатабызбы?




1. Сууну кандай жолдор менен үнөмдөөгө болот?
2. Сууну үнөмдөө боюнча өз эрежелериңди жазып кел жана ага амал кыл.



Айткандын баарын аткара бербе,
Акылдуу сунушту аткарбай койбо.

Көпкө кеңеш, өзүң бил.





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# Бөлүм боюнча суроолор

1. Май айында кандай майрамдар бар? Аларды санап бер.

2. Бул окуу жылында эмнелерди үйрөндүң?

3. Китептеги кайсы жомоктор, ырлар же аңгемелер сага көбүрөөк жакты же жакпады? Эмнеге?

4. Жайкы эс алууга жөнөөрдөн мурда мугалимиң менен бош убактыңда кандай китептерди окушуңду кеңештиңби?

5. Жаңы окуу жылына чейин эмнелер менен алектенгениңди чагылдыруучу чакан аңгеме даярдаганга аракет кыл.





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## КЛАССТАН ТЫШКАРЫ ОКУУ

# ҮЧ ООЗ СӨЗ

Бир сөз үчүн далай улуу жортуулдар болгон, килейген шаарлар тургузулган. Бир сөз үчүн нечен адамдын өмүрү кыйылган учурлар да бар. Бир эле кыргыз деген сөз бир улутту туюндурат.

Бир эле тил канча сан кишилердин башын бириктирип турат. Тили болбогон эл чачылып кетет, ошон үчүн ар бир элдин Ата Мекени, эне тили бар. Ошентип, адамды бир эле сөзүнөн билсе болот. Бир эле сөздө не деген тарых, не деген керемет күч бар! Алсак, кадимки эле Ата мекен деген сөз. Чынында бул сөздүн жанга кубат берүүчү күчү, желкеге зор милдет жүктөөчү сүрү, айбаты бар. Анын күчү да, сүрү да ыйыктыгында.

Илгери бир өткөн заманда байлыгы мол соодагер карыя жашаган экен. Анын жалгыз уулу болот. Уулу эр жеткен соң, өзүнүн соода ишине машыктыруу үчүн колуна көп дилде берип: «Өзүңө ылайык көргөн, жакшы деп



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

ойлогон нерсеңди сатып алып кел», — деп базарга жөнөтөт. Бала базарга келип, төрт бурчун төрт кыдырат, көңүлүнө жаккан нерсе таппайт. Алты айланат, алгылыктуу буюм таппайт. Ошондо көп элди айланасына чогултуп, жар салып турган дербишти көрөт.

Сөз баалаган кимиң бар,
Жүз дилделүү пулуң бар,
Баасы башың асыраар,
Үч ооз сөз кулум бар.
Кулум дедим себеби,
Айтмайынча сөзүм кул.
Тилден чыкса билип ал
Ал сөзүмө өзүм кул.
Кана ким бар сөзүмдү
Сатып алаар дилдеге.
Жүз дилдесин бербесин
Сөздүн баркын билбесе.

— деп жаштайынан акылга жакын, сөзгө дос өскөн бала бул айтылгандардын маанисин айттырбай түшүнөт. Дербиштин айтаар сөзү чындап эле сөздүн баркын билгендер үчүн пайда келтирээрин ойлоп, ошол сөздү сатып алат. Дербиштин баланын кулагына айткан үч ооз сөзү төмөнкүлөр: 1. Кудукка түшсөң



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

бутуң менен кирип, башың менен чык. 2. Ассалоому алейкум деген саламыңды кай жерде болбосун таштаба. 3. Ар кимдики өзүнө, ай көрүнөт көзүнө.

Баланын жасаганын угуп, атасы терең ойго батат. Уулун тагдырыңды сынап көр деп алыскы сапарга аттанган кербенге кошуп жөнөтөт. Кербенчилер суу алуу үчүн чөлдөгү бир кудукка токтошот. Арканга бутунан байланып башы менен кирген үч адамдын тең башы жок чыгат. Дербиштин сөзүн эстеген бала түйшүккө түшкөн кербенчилерден өзүн белинен байлап кудукка түшүрүүсүн сурайт. Буту менен ылдый түшкөн бала кудуктун түбүнө эсен-соо жетет. Ичкериде олтурган эки жез кемпир башы көрүнсө башын чабалы деп баланын бутун чаппайт. Бала түшөөрү менен аларга карап: «Ассалоому алейкум», деп саламын берет. Анда жез кемпирлер: «Ак саламың болбогондо, алигече соо калбайт элең», дешет. Бала суу сурайт. Анда алар колдорундагы бака менен жыланды көрсөтүп, «Кимибиздин балабыз жакшы, ушуну аныктап берсең суу беребиз», дешет. Бала дербиштин үчүнчү сөзүн эстеп: «Ар кимдики өзүнө, ай көрүнөт көзүнө», дейт. Бул сөздөн ыраазы болгон ал экөө балага суу беришет. Жогору-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

га аман-эсен, суу менен чыккан баланы көрүп кербенчилер таңданышат. Бала болсо болгон окуяны айтып, дербиштин сөзүн сатып алып туура кылгандыгына кубанып калат.

## КҮЗГҮ ТҮШҮМ

«Жаз — жарыш, күз — күрөш», дегенди уктуң беле. Муну кандай түшүнөсүң? Буга жооп берүү үчүн айланага бир көз чаптырып алалычы. Жаз, жай бою эмгектенип, мээнетин жумшагандардын акыбети кайтып, түшүмүн жыйноого кез келген учур. Эрте эксең, эрте оросуң демекчи, жазда үрөнүн эртерээк сээп, батыраак камынганы жаздын жарыш экенинен дарек. Ал эми бышып жетилген түшүмүн жаан-чачынга, суукка калтырбай жыйнап алуу күзгү күрөш эмей, эмне?

Байкасаң, бирөө буурчагын, дагы бирөө алмурутун, алмасын, жаңгагын терип, анарларын чогултуп, баба дыйкан карала-торала дарбыздарын, саргара бышкан коон-ашкабагын үзүп, да бирөөсү шалысын, жүгөрүсүн, шыпыргысын оруп, фермерлерибиз пахтасын кызуу терип жаткан мезгил.

Мына керемет, мына укмуш! Айыл аралап, талааны көздөй бассаң, кызыл-сары болуп



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

бышкан мөмө-жемиштердин жытын айт, алтындай болуп саргарган эгиндердин түсүн айт! Табияттын өзү дарыгер. Түркүн витаминге бай мөмө-жемиштерден тоё жеп, түркүн эгиндерден даам сызсаң, ден соолугуң чың болуп, оору сага жолоор бекен?

Тропикалык өсүмдүктөрдү айтпаганда, адам үчүн керек болгондун бардыгы өскөн жергебиз кандай сонун, кандай кооз ээ?! Ушундай өлкөдө туулуп-өскөнүмдөн бактылуумун.

Күз жөнүндө мен айтпаган дагы кандай укмушу менен берекесин, кооздугун айткың келет?

Эгерде күз болбосо, мөмө-жемиштер бышып жетилбесе, жан-жаныбарлар семирип эт албаса, кышка түшүм камданбаса, анда эмне болот?...

## УУЛАНГАН КУРМАЛАР

(*Корейс эл жомогу*)



Кайсы бир айылдын ибадатканасында эки дин кызматкери жашап иштей турган. Алардын чоңу жеткен сараң, куу, айлакер кары чал, экинчиси жаш, тапкыч



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

жана шайыр болчу. Кары дин кызматкери буюмдарын кызганып, тапкан тамагын жашырып жечү экен. Бөлмөсүндөгү менчик үкөгүндө сактала турган тамак-ашын, мөмө-жемишин: «Бул тамактарга уу кошулган, буюмдарга тие көрбө, кусур урат», — дейт кичүү дин кызматкерине.

Күндөрдүн биринде шериги менен бөлүшкүсү келбей, курмаларын үкөгүнө жашырып, улуу дин кызматкери айыл аралап кетет. Кетээринде: «Үкөгүмдөгү курмалар ууланган, жей көрбө, тил тартпай өлөсүң», — дейт.

Кичүү дин кызматкери анын кууланып жатканын билчү. Ошентсе да, урмат сактап, колун куушура макул болду. Бирок улуу дин кызматкери кетээри менен үкөгүн ачып, андагы курмаларды жыргап жей баштайт. Жээрин жеп болгон соң, кандай шылтоо менен актанаарын ойлоп башы маң болот. Бир маалда тапкан акылынан өзү кубанып, улуу дин кызматкеринин жазуу столун көздөй чуркайт. Ал жерден сыя челектерин алып, ибадатkананын көрүнөө жерине уруп сындырат да, орун-көрпөсүн жамынып, оронуп жатып алат.

Кечинде улуу дин кызматкери келип, жерде сынып жаткан сыя челекти, андан нарыда



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

ордунда онтоп жаткан кичүү дин кызматкерин көрөт.

—Сага эмне болду? Сыя челекти ким сындырды? Үкөгүмдү ким ачты?—деген суроолор менен аны кысымга ала баштайт.

Буга жооп катары кичүү дин кызматкери:

—Улуу устатым, сиздин жазма иштериңизди улантам деп байкоосуздан сыя челегиңизди сындырып алдым. Мындай оор күнөөдөн өлүп гана кутулайын деп, үкөгүңүздөгү ууланган курмаларды жеп түгөттүм. Азыр болсо, өлүмүмдү күтүп жатам,—деди ыйламсырап.

Улуу дин кызматкери жедирип ийген курмаларына ачынаарын билбей, же алардын ууланбаганын айтаарын билбей сараңдыгынын айынан тапкан акылына өкүнүп калды.

## АЛМА ДАРАГЫНДА АЛМУРУТ БЫШАБЫ?

Бир дарактан башка бир дарактын мөмөсүн алса болобу? Же суроону мындан да кызыгыраак кылып беребиз. Ал үчүн өсүмдүктөрдү бири-бирине улоо керек. Эгерде алмурут дарагынан бутагынан бир калемче алып, аны алма дарыгынын бутагына кесип орнотулса, андан алмурут бутагы өсүп чыгат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Алма дарагында бир убакыттын өзүндө алма да, алмурут да быша берет. Дал ушундай жол менен бадам дарагынан шабдаалы менен бадам алуу мүмкүн.

Өсүмдүктөрдү улаганда анын мөмөлөрү мурдагыдай эле санда жана сапатта болот. Көчөт же калемчени бири-бирине улоонун түрлөрү көп. Мында болгону төмөнкү эрежеге амал кылуу шарт. Өз ара уланган өсүмдүктөр бир-бирине окшош болушу керек. Мисалы алма, алмурут, бийалмаларды бири-бирине улаш мүмкүн. Анткени алардын данектери майда келет. Шабдалы, өрүк, бадам, алчалар да өз ара окшош болушат. Алардын данектери чоң жана катуу болот. Бирок алманын калемчесин шабдаалы дарагына улаганга болбойт.

*Балдар энциклопедиясынан*

## КАТУУ АЙТПАЙ, УГА ТУРГАН КЫЛЫП АЙТ

Сайкал апанын эки небереси бар. Алар: Жанара менен Динара. Жанара улуулук кылып, Динараны дайыма башкарып алат. Үйдө болсо, керели-кечке тиги-бу ишке жумшай



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

бермеги — анын адаты. Динара жаңы эле үй шыпырып бүтсө, «полду жуу» дейт. Полду жууп бүтсө, «чыны жуу» деп чарчатат. Динара ага катуу айтпай, айтканын аткара берет.

Бир күнү Динара тажадыбы, же чарчадыбы, Жанараны укпай, телевизор көрүп отуруп алды. Сайкал чоң энеси киргенде Жанара ага мынтип арызданды чаңкылдап:

— Чоң эне дейм, чоң эне! Динараңыз менин сөзүмдү укпай жатат. Кыйкырсам да укпай, телевизор көрүп отуруп алды... муну эмне кылыш керек, ыя?!

— Туура кылат, Динаркам. Сөзүңдү уксун десең, катуу айтпай, уга турган кылып айт, — деди Сайкал эне.

Жанара чоң энесинин бул сөзүнө түшүнүп-түшүнбөй, ойлонуп калды.

*С. Рысбаев*

## ТАЯТАНЫН ҮЙҮНДӨ

Быйыл жайында Улан шаардан таятасыныкына барды. Таятасы Талип жергиликтүү чабан. Кара-Кужурдун алыскы Бел-Саз деген төрүн жайлайт. Бетегеси белден болуп өскөн жашыл жайлоо. Анын ак карлуу кокту-колотунда топоз толтура. Уландан бир аз улуура-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

ак Эсен деген уулу бар. Аттын кулагы менен тең ойногон чыйрак бала. Таң кулан өөк ата баштаганда туруп, ат токуп минип, жайыттан жылкы айдап келет.

Ал Уланга ат минип, тай үйрөткөндү көрсөттү. Козу кулак, ышкын, жер-жемиш тергенге ээрчитип барат. Тоодогу атыр жыттуу нечен гүлдөрдүн, дары чөптөрдүн түрү менен тааныштырды.

Бир күнү таятасы өзүнүн койго минген жоош Карачелек атына мингизип койсо, ал оттоп туруп алса болобу. Анда Улан:

— Таята, таята, караңызчы, ат от албай жатат, — дейт.

— Ой, чунак десе, ат от алгыдай сенин атаңдын машинасы эмес. Баспай жатат деп айт, эл укса уят болосуң.

Дагы бир күнү кечинде койлор короодо калган козуларына маарап келе жатышса, Улан кыйкырат:

— Таене, таене дейм, койлордун баарысы кыйкырып келе жатышат.

— Атаны күчүк десе, койлорду кыйкырат деп айтпайт. Алар маарайт.

— Аа, марайт...

— Эй, марайт эмес, маарайт, — деп жатпайбы, — деп оңдоду Эсен.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

— Болуптур эмесе, жарайт, маарайт, — деди Улан тилин араң тууралап.

— Сен түшүнүп кой: эчки, кой — маарайт, уй — мөөрөйт, жылкы — кишенейт, ит — үрөт, мышык — мыёолойт, — деп баарысын түшүндүрдү ал Уланга.

Кечинде анын жоругун уккан таятасы күлүп:

— Шаарда жүрүп, эне тилиңди билбей калган турбайсыңбы. Мындан ары жайлоого үзбөй келип жүрсөң, көптү үйрөнүп кетесиң. Тил билген — чоң өнөр. Ал эми, эне тилин билбегендик — чоң кемчилик, — деди.

Улан өз ичинде таятасынын сөзүнө уялып калды.

## ДААНЫШМАН МЕНЕН БАЛАСЫ

Бир даанышман адам баласына:

— Балам, эми мен картайдым, мындан ары тиричилик өткөрүү сенин мойнуңда, иштеп акча тап! — дептир.

Бала эмне кылышын билбей, энесинен кеңеш сурайт. Энеси болсо:

— Балам, сен али жашсың, акчаны кайдан тапмак элең, — деп баласына азыраак акча берет. Баласы кубанып атасына барып:



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

— Атаке, мынакей, акча таап келдим, —дейт. Ошондо атасы баласынын колундагы акчаны алып, күйүп жаткан отко салып жиберет. Баласы чочуп кетет, бирок унчукпастан дагы акча табыш үчүн көчөгө чыгыптыр. Канчалык аракет кылса да акча таба албаптыр. Энесинин алдына дагы келиптир. Энелер абдан мээримдүү, боорукер болот эмеспи! Энеси баласына дагы акча бериптир.

Баласы сүйүнгөн бойдон атасына барып:

— Атаке, дагы акча таап келдим! — дейт. Атасы унчукпастан акчаны алып отко таштайт. Баласы айран-таң калып көчөгө чыгат.

Караса бир киши там салып жатыптыр.

— Ассалоом алейкум, байке! — деп салам берет бала.

— Ваалейкума ассалоом, кел балам, — дейт ал киши. Бала болсо заматта кыштарды ташуугa жардамдашып жиберет. Муну көргөн үйдүн ээси ага ыракмат айтат да, балага тамак берет. Бала там бүткүчө ал кишиге жардам берип жүрө берет. Баланын ишине ыраазы болгон ал киши балага он эки тенге берип жөнөтөт. Бала кубанып үйүнө кайтат. Атасына келип:



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

— Атаке, мына акча таап келдим, — дейт. Атасы болсо акчаны дагы отко таштамакчы болот. Баласы кыйкырып барып атасынын колунан кармап калат. Ошондо атасы:

— Баракелде, балам, мына эми тиричилик кылуу колуңдан келет, — деп бата бериптир.

Ошентип, бала атасынан бата алат.

*Абу Али ибн Сина*

## КЕЛГИН КУШТАР

Достор, оюн калдыбы?
Канатыңар талдыбы?
Былтыр бизден кеткендин
Келиштиби бардыгы?
Бизге салам айттыбы?
Барган жердин балдары.
Көрүнөбү бийиктен,
Көк көз балдар Айдагы.

Жергемде Күн жакшына,
Ыр сунабыз астыңа.
Чөптөй тиштеп апкелген,
Жазыңарды чачкыла.

*А. Өмүрканов*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## МУНУ БИЛЕЛИ

Манап деген бала бар,
Майды көрсө жеп коёт.
Атын билбей музоосун
Кичине уй деп коёт.
Ушу кантип эп болот,
Уй баласын музоо дейт,
Жылкыныкын кулун дейт,
Эчкиникин улак дейт,
Элеңдеген чунак дейт.
Кой баласын козу дейт,
Абалтадан келаткан
Адамзаттын досу дейт.
Балжуурандай айраны,
Бал татыган каймагы.
Көп айтышат карылар:
— Көкүрөккө май дары,
Көрөбүз малдан пайданы.
Жүнүн согуп, ийирип,
Жүрөбүз костюм кийинип.
Малдын камын күтүнбөй,
Маани-жайын түшүнбөй,
Сүтүн ичип, этин жеп,
Сүйлөп турсак текилдеп,



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Аны кимдер кечирмек.
Майын жебей оболу
Малга тааныш бололу!

*Э. Ибраев*

## ЖАЛКООНУН ЖООБУ

Ыкшоолонбой иштесек,
Чыйралат булчуң денебиз.
Алкыш сөздү укканда,
Жетип көккө төбөбүз.
Ал эми тиги Шамырдын
Качан болсо солоктоп,
Бош жүргөнүн көрөбүз.
— Жалкоолукту ташта да,
Уккун эми кеңешти, —
Десек, мындай дебеспи:
— Ой, урматтуу кошунам
Айтканыңа кошулам,
А бирок түндө түшүмдө
Катуу иштеп коюпмун,
Эми эс алып отурам.

*К. Жунушев*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# КОЛУ АЧЫК ДЫЙКАН

*(Корейс эл жомогу)*

Бир жаш дыйкан адам бою келе турган түрп жетиштириптир. Ал түрптү көп жылдардан бери иштеп келе жаткан акимге алып барып, башын ийгенче мындай дептир:

— Улуу урматтуу акимим, бул жыл мага мол түшүмдүү жыл болду. Өзүм жетиштирген түрптөрдүн эң чоңун сизге алып келдим. Мүмкүн болсо ушуну кабыл алсаңыз экен.

— Мен аны ала албаймын. Сен турмушуңду жакшыртуу үчүн дыйканчылык кылгансың. Аны өз пайдаң үчүн иштет, — деди аким.

— Андай эмес, урматтуу аким. Мен көп жылдан бери дыйканчылык кылам. Бирок мындай чоң жана жакшы түрптү эми көрүшүм. Бул сиздин адилеттүүлүк менен акимдик кылып жатканыңыз үчүн кудайдын бизге берген сыйлыгы. Андыктан, сураныч ымды жерде калтырбаңыз, — деди дыйкан жигит чын дилден.

Аким, «Анын дили ушунчалык аруу экен. Анын берген тартуусун кантип албай коюшум мүмкүн?» — деп ойлоп, кызматкеринен сурады:



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

— Бул жигитке белек бермекчимин, арзырлык бир нерсе барбы?

— Ооба, жакында бир дыйкан жалган жалаадан куткарганыңыз үчүн ыраазычылык катары музоосун таштап кеткен эле, ошол бар, —деп жооп бериптир кызматкер. Аким дыйканга:

— Үйүңдө уюң барбы?

— Жок, али сатып ала алганым жок.

— Андай болсо, колу ачыктыгың үчүн бул музоону сага тартуу кылам. Аны жакшылап багып, мындан да байыраак болууга аракет кыл, — дептир аким.

Күтүлбөгөн жакшылыктан толкунданган дыйкан музоону алып үйүнө кайтыптыр. Бул кабар заматта бүткүл айылга тараптыр. Жигиттин ичи кара коңшусу бул жаңылыкты угуп «Бир түрпкө бир музоо берсе, мен үйүмдөгү эң чоң чочкомду акимге тартуу кылам. Ошондо ал мага чоң өгүз берсе керек!» — деп ойлоптур. Ал чочкосун жетелеп акимдин үйүнө жол алыптыр.

— Улуу урматтуу аким, көптөн бери чочко багам, бирок мындай чоң чочкону биринчи көрүшүм. Бул адилеттүүлүгүңүз үчүн кудайдын берген белеги эмеспи? Сураныч, чын дилден алып келген белегимди алыңыз, — дептир.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Бул жолу аким белекти сөзсүз кабыл алыптыр. Кызматкерин чакырып андан сурап-тыр:

— Сыйлаганга арзырлык белегиң барбы?

— Ооба, бар. Бир нече күн мурда жаш дыйкан жигит бул жыл дыйканчылык жакшы болду, деп алып келген түрп бар, — деп жооп бериптир кызматкер.

Ичи кара дыйкан жасаган ишинен бушайман болуп, өкүнүп калыптыр.

Ардактуу окуучу! Сени менен окуу жылынын башында айткан сөз дүйнөсүнүн керемети менен таанышып, бул дүйнөгө саякат жасадык. Сен мындан тажабадың. Тынбай билим алууң, алга карай умтулууң өркүндөп-өсө берсин!



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# МАЗМУНУ

## I чейрек

### Мекеним – кутман турагым

Менин өлкөм ........ 3
Ташкент — куттуу борбор ........ 4
Мекенимдин кооз шаарлары ........ 5
Туулган жерге ........ 6
Чал менен Бекхан ........ 6
Ата журт ........ 8
Түн ортосунда. Ибн Сина ........ 10
Калп ........ 11
Уста болом ........ 12
Окумуштуу ........ 13
Комуз. Бөлүм боюнча суроолор ........ 14

### Мектебим – билим бешигим

Мектеп ........ 15
Китебим – кут билимим ........ 16
Билим — түгөнгүс байлык ........ 18
Тилегим ........ 19
Китепти сүй. Эшиктеги жазуу ........ 21
Илимдин баркы ........ 22
Дептер. Өчүргүч. Ак калпак ........ 23
Светофор ........ 24
Келе берет чуркагым ........ 25
Бөлүм боюнча суроо жана тапшырмалар ........ 26

### Берекелүү алтын күз

Күз ........ 27
Буудай жыты ........ 28
Шамал. Сабатсыз ручка ........ 31
Жүзүм ........ 32
Акылдуу дыйкан ........ 33
Дарбыз. Жооп берди ........ 35



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Муздаткычтагы кат ........ 36
Таененин көзү ........ 37
Кел, эсептеп чыгалы ........ 40
Мураттын алма жегиси келет ........ 41
Бөлүм боюнча суроолор ........ 42

## II чейрек

### Жомоктор дүйнөсүнө саякат

Мышык, түлкү, аюу, карышкыр ........ 44
Дарактар канча жыл жашайт? ........ 46
Ач карышкыр (Өзбек эл жомогу) ........ 48
Түлкү менен карга (Орус эл жомогу) ........ 52
Эмне үчүн? ........ 53
Өзүң тап. Күчүгүм ........ 54
Ит менен карышкырдын достошкону
(Литва эл жомогу) ........ 55
Өзүң бил ........ 60
Мээнеткеч кумурска ........ 61
Бөлүм боюнча суроо жана тапшырмалар ........ 63

### Мына жаады аппак кар

Кар киши ........ 64
Кыш ........ 65
Ак кебез ........ 67
Жыл жана анын төрт уулу (Жомок) ........ 68
Жыл мезгилдери ........ 71
Күндөрдү үйрөнүү ........ 72
Эритет. Сен албетте, билесиң! ........ 74
Таяк ........ 75
Дайыма кайнап турчу казан. Жааган кар ........ 78
Бир тамгадан кемитсең ........ 79
Салаалардын аттары ........ 80
Беш өрдөк ........ 81
Бөлүм боюнча суроо жана тапшырмалар ........ 83



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## III чейрек

### Ой гүлдөрү, акыл казынасы

Даанышман карыя ........ 86
Энемдин айтканы ........ 90
Көл бетинде ........ 91
Айлакер ........ 92
Достук ушундайда билинет ... ........ 95
Сөздүн көркү — макалда ........ 97
Баары бир ........ 98
Акула эмнеден коркот? Сөз — бермет ........ 99
Бөлүм боюнча суроолор ........ 100

### Жаз – жаңынын башталышы

Жаз мезгили. Өрүк гүлү ........ 102
8-март — Кыз-келиндердин күнү ........ 103
Апалардын майрамы ........ 103
50 килограммдык кат ........ 104
Баарыбыздын майрамыбыз ........ 105
Коёндун кулагы ........ 106
Шоколад дарагынын мекени каерде? ........ 107
Апам иштен келгенде. Гүлүм, апам ........ 108
Суунун кызматы ........ 109
Жазгы нөшөрдө ........ 110
Нооруз — элдик майрам ........ 112
Сүмөлөк ........ 113
Насыят ........ 114
Өзүнүкү жана өзгөнүкү ........ 116
Сүрөттүү ыр ........ 117
Дүйнөдөгү эң бою узун адам ........ 118
Бактагы оюн ........ 119
Бөлүм боюнча суроолор ........ 120

### Канаттуулар, жан-жаныбарлар – биздин досубуз

Күн менен торгой ........ 121



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Пилдер да сүйлөшөбү? ..... 122
Пайдалуу канаттууларды сактайлы ..... 122
Кара чыйырчык ..... 124
Сөөлжан ..... 125
Тону бар күчүк ..... 128
Жираф ..... 129
Зебра ..... 130
Бөрсө ..... 131
Маймылча ..... 132
Айбанаттардын талашы ..... 133
Көпөлөктүн ыры ..... 134
Бөлүм боюнча суроолор ..... 135

## IV чейрек

### Эмгек – бакыт алып келет

Түлкү менен кумурска (Жомок) ..... 137
Эмгектенип өткөрөм ..... 138
Жардамым ..... 139
Атанын уулу ..... 140
Ветеран — ардагер ..... 142
Бака жуткан жылан ..... 143
Тишим өтпөйт ..... 145
Жаңжал ..... 146
Бөлүм боюнча суроолор ..... 148

### Жаркыраган май айы

Кандай кооз мезгил ..... 150
Күн нуру ..... 151
Шуру жоготкон кыз ..... 152
Аары менен күчүк. Жайлоо ..... 153
Жаңы туфли ..... 154
Үйрөнөм ..... 155
Алдар көсөө (Эл оозунан) ..... 156
Кеч чыгат ..... 157
Жоголгон улактар ..... 158



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Чыпалак бала ........................................ 159
Асып жатам жайына. Куурчак жана бала ........... 162
Комуз күүсү ........................................ 165
Суу — теңдешсиз байлык ........................ 167
Бөлүм боюнча суроолор ........................ 168

**Класстан тышкары окуу**

Үч ооз сөз ........................................ 169
Күзгү түшүм ........................................ 172
Ууланган курмалар (Корейс эл жомогу) ............ 173
Алма дарагында алмурут бышабы? .................. 175
Катуу айтпай, уга турган кылып айт ................ 176
Таятанын үйүндө ................................ 177
Даанышман менен баласы ........................ 179
Келгин куштар ................................ 181
Муну билели ........................................ 182
Жалкоонун жообу ................................ 183
Колу ачык дыйкан (Корейс эл жомогу) ............ 184

---

*O'quv nashri*

Gayratbek Tuxtabayev, Mavluda Mingboyeva

**O'QISH KITOBI**

**Umumiy o'rta ta'lim maktablarining**
**2-sinfi uchun darslik**

*6-nashri*

*(Qirg'iz tilida)*

Original-maket «O'zbekiston» nashriyot-matbaa ijodiy uyida tayyorlangan,
100011, Toshkent, Navoiy ko'chasi, 30

Редактору *Р. Жуманазарова*. Сүрөтчүсү *И. Халхожаев*. Көркөм редактору *К. Закирова*.
Техникалык редактору *Л. Хижова*. Компьютерде даярдаган *Б. Душанова*

Басманын лицензиясы AI №158, 14.08.2009. 2018-жылы 4-майда басууга уруксат этилди.
Форматы $70\times90^1/_{16}$. Офсеттик кагаз. Офсеттик басма. Кегль 16,14. Арип түрү «Pragmatica».
Шарттуу басма табагы 14,04. Учёттук басма табагы 15,79. Нускасы 717. Заказ № 140.

«SHARQ» басма-полиграфиялык акционердик
компаниясынын басмаканасында басылды.
100 000, Ташкент шаары, Буюк Турон көчөсү, 41.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Ижарага берилген окуу китебинин абалын көрсөтүүчү жадыбал

| № | Окуучунун аты жана фамилиясы | Окуу жылы | Окуу китебин алган кездеги абалы | Класс жетекчисинин колу | Окуу китебинин тапшырылып жаткандагы абалы | Класс жетекчисинин колу |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | | | | | | |
| 2 | | | | | | |
| 3 | | | | | | |

Окуу китеби ижарага берилип, окуу жылынын соңунда кайтарып алынганда жогорудагы жадыбал класс жетекчиси тарабынан төмөнкүчө баалоо критерийлери боюнча толтурулат.

| | |
|---|---|
| Жаңы | Окуу китебинин биринчи жолу пайдаланууга берилгендеги абалы |
| Жакшы | Мукабасы бүтүн, окуу китеби негизги бөлүгүнөн ажыралган эмес. Бардык барактары бар, жыртылбаган, беттеринде жазуу-сызуулар жок. |
| Канааттандырарлык | Мукабасы эзилген, четтери жыртылган, окуу китебинин негизги бөлүгүнөн ажыралуу абалы бар. Пайдалануучу тарабынан канааттандырарлык даражада иретке келтирилген. Кээ бир беттерине сызылган. |
| Канааттандырарлык эмес | Мукабага чийилген, жыртылган, негизги бөлүктөн ажыралган же таптакыр жок. Канааттандырарлык даражада калыбына келтирилбеген. Беттери жыртылган, барактары жетишпейт, сызып, боёп ташталган. Окуу китебин калыбына келтирип болбойт. |

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE